Sirkit
A-13

Абазова Айзада

АДАШКАН КАРКЫРА

84Кы7
А-13

KYRGYZPATENT

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик
интеллектуалдык менчик кызматы
Интеллектуалдык менчик
Мамлекеттик фонду

Айзада Абазова

АДАШКАН КАРКЫРА

(аңгеме)

Т.СЫДЫКБЕКОВ АТЫНДАГЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСТУК КИТЕПКАНА
№ 273912

Бишкек - 2011

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 13

Абазова Айзада
А 13 Адашкан каркыра: Аңгеме. – Б.: 2011. – 68 б.

ISBN 978-9967-446-08-3

Жаш жазуучулардын ичинде татынакай чыгармалары менен таанымал болуп калган калемгер келечегинен көптү үмүттөндүрөт.

Анын чыгармаларынын жарыкка чыгарылышына чыгармачыл жаштардын Республикалык «Нурборбор» бирикмесинин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматына караштуу Мамлекеттик интеллектуалдык менчик фонду тарабынан колдоо көрсөтүлдү.

А 4702300100-11

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-446-08-3

© ИМ Мамлекеттик фонду, 2011
© Абазова Айзада, 2011

Өмүрлүккө өкүм

аңгеме

Асылбек адатынча жумуштан чыгып үйүнө илкип-салкып жөнөдү. Эмнегедир үйүнө баргысы келбейт. Адеп үйлөнгөндөн бери үйүнө баргысы келбеген адат бара-бара көнүмүш тирлик менен аралашып, ал үйүнө каалап барып жатабы, каалабай барып жатабы, көп маанiге ээ болбой калган. Анан калса, андан бери эки балалуу болду. Көнбөскө аргасы канча. Азыр эми аялына баргысы келбесе да, балдарына алаксып, аларды эркелетип алуу менен кандайдыр бир аталык кубанычка батып, баягыдай үйүнөн качкан эмес, тескерисинче үйүнө шашкан адатка айланып калганын өзү да байкабай калган экен. Ошол сезимди бүгүн сезгендей: «Адам баарына багынат, баарына көнөт тура» деп алды. Аңгыча эшик алдынан бир жарым жаштагы кичине кызы «ата!» деп чуркап чыкты эле, жүрөгү элжирей аны төбөсүнө бийик-бийик көтөрүп, саамайынан жыттап-жыттап алды. Эмнегедир ушул кызын өзгөчө жакшы көрөт. Балким, мунусу улам кичинеси ширин көрүнөт деген сөздөн болсо керек. Азыр да «шириним, ий, шириним» деп алып жүрөгүн кандайдыр бир башкача кусалык аралап өттү. Дал ушул «шириним» деген сөз аркылуу өзүнүн жана эле досунун айынан ачып алган жараатын андан ары ырбатып жибергенин байкады.

Ширин... Ал мунун бүтпөс арманы болду. Кызы менен уулун жетелей кирген Асылбек үйүнүн босогосун аттар менен кайрадан муздай түштү.

Үтүрөйгөн келинчеги баштыктарын салыштырып жаткан экен.

- Дагы төркүнүңө жөнөдүңбү?

- Ооба, апамдарга барып келейин десем, сен кечиккениңен камдана берейин дедим эле. Азыр тамак жылыта калайын. Келинчеги күйпөлөктөп тамак даярдап кирди.

- Шашып жатсаң, кете бер. Өзүм жылытып ичем.

- Кеч болуп калды. Калып калам го. Балдарды ала кетейин.

- Өзүң бил.

Келинчеги саамга ойлонуп туруп калды да нааразы болуп коё берди

- Эмне кабагыңды карыш саласың. Жактырбай жатсаң, барбай эле коёюн.

- Барсаң, койсоң өзүң бил. Адам чарчап келгенде, үйдө ысык тамак болсо.

- Өзүң кеч келсең, кайдан ысык? Жок жерден шылтоо таппачы. Качан болсо, үтүрөйөсүң да турасың. Ушинтип жашагандан тажадым деги.

Асылбек андан ары сөздү улагысы келбеди. Жаңжалдан, уруштан тажады. Бирок, кашайып канчалык унчукпаган сайын аялынын үнү көтөрүлө берерин, ал катуурак сүйлөгөгөндө гана аялынын үнү басаңдай түшөрүн да байкап жүрөт. Азыр урушууга, катуурак сүйлөөгө көңүлү чаппай турат. Аялы муну байкадыбы, же эптеп эле тезирек үйдөн чыгып кетүүнү ойлодубу, көтөрүнчөгүн көтөрүнүп чыгып кетишти.

«Ох!» деди Асылбек. Бул жолу жаңжалдан кутулдум окшойт. Ал келинчеги чыгып кетер менен негедир жеңил дем алып алды. Эмнегедир экөө бири-биринен алыстай түшкөндө эс алып калчудай сезет. Муну келинчеги да сезеби, үйүнө эле качып турат. Үйүнө эле кете бергени үчүн Асылбек келинчегин күнөөлөсө, ал тескерисинче өзүн күнөөлөйт. Экөө бир үйдө араң эле батып жүрүшкондой. Асылбек келинчегин: «Сен мени түшүнбөйсүң» десе, келинчеги анны: «Сен мени сыйлабайсың, сүйбөйсүң» болуп уруш улашып кете берет.

Чындыгында келинчегинин айтканы туура болсо керек. Баары бир үй-бүлө болгон соң, жылуу мамиле кылууну ал деле ойлойт. Бирок, негедир аны чын жүрөгүнөн кабыл ала албай койду. Баары бир өз сүйүүсүнө жетпеген соң келинчегинин көңүлүн алып, ага конуп кетем го деген. Көнгүдөй деле болду. Көнүп жашап деле жатат. Кудайга шүгүр, анчалык деле жаман эмес жашоосу. Бирок, көкүргүндөгү чыкпай калган бугу, канбай калган көксөөсү, аны ар дайым алагды кылат да турат. Анан калса мындай абалга себеп болгон досу Бектур болду. «Ширинди шаардан кордум» деген анын сөзү араң жүргөн Асылбектин жараатынын оозун ачып, сезимин дүрбөлөңгө салып койгон. Экөө капысынан

көчөдөн жолуга калып, ушул сөздү айткан боюнча шашып жаткан экен, «кийин толук айтып берем» деп кете берди. Ошол боюнча бүгүн кечке Ширин оюнан чыкпай койду. Жумуштан чыккан соң да үйүнө барууга шашылбай отура берди. Качан каш карайганда кабинетин бекитип үйүнө келген. Келгенден кийинки абалы бул. Ал үйдө жалгыз көпкө диванда жатты. Туруп барып тамак жылытууга да көңүлү чаппады. Демейде тамакка чыдамы жок эле, бул жолу табити кайда жоголгонун билбейт. Ширин жөнүндө, «ал кандай болуп калды экен, кайрадан жолуксак, эмне болмок?» деген түпсүз кыялдарга чулганып жаткан ал бул ой кайдан пайда болгонун ойлоп отуруп, досу Бектурду эми эстеди. Баса, «шашпай айтам» дебеди беле. Эмнени айтмак? Азыр жалгыз отургуча досун чакырса окшойт. Асылбек досунун телефонун терди да, «эмнеге» деген суроосун уккусу келбей, «тез келип кал үйгө, мен күтүп жатам» деди. Досу бир айылда жашаган соң бат эле келип калды.

- Эмнеге чакырдың? Тынччылык элеби? -- деди кирбей жатып.

- Жөн эле, сени сагындым. Бүгүн аяшың жокто, өзүбүзчө бир отурсак дегем. Бир нерсе да алып койдум.

- Кудай урган турбайбы. Мен сен сагынгыдай Африкада же Америкада болбосом. Эки-үч күндө бир жолугуп турсак.

- Сен эмне күнөө кылганыңды унутуп калдыңбы? Аяшыңды да эмнеге кетирип жибергенимди түшүнгөн жоксуңбу? Ширин жөнүндө сөздү ким баштады?

- А, баса, ошондой дебейсиңби. Дос, сен чын эле ушунчасыңбы? Демек, алиге унута элек экенсиң да. Мындайын билгенде унчукпай койсом болмок экен, үйүңөргө дүрбөлөң түшүрбөй.

- Коркпо, аяшың жөн-жай эле үйүнө кетти. Ал эми мен жөн-жай эмесмин.

- Түшүнөм. Себеби, Ширин деле жөн-жай эмес экен.

Асылбек табышмактуу бул сөзгө жандана түштү.

- Кана айтчы, калтырбай айт. Асылбек тура калып дасторконду дайындап, муздаткычтан арак алып чыкты. Экөө жайбаракат аңгемеге өтүштү.

- Шаарда нотариуста иштеп жатыптыр. «Юрфакты кызыл диплом менен бүтүрүп, иштей турган жериң нотариус эле болдубу?» деп табалайын деп барып, бирок, ишим түшүп турган соң, настроениесин бузган сөз сүйлөбөй эле коёюн деп айнып калдым. Аным жакшы болуптур, ырас, документтеримди эрте бүтүрүп бере салбадыбы. Сенин кадырың да. Жакшырак сыйлап коёюн дедим эле, убактым жок деп болбой койду.

- Анан…

- Мен жөнүндө сурадыбы?, – дегиң келип жатат го. Албетте, сурады…

(Бектур бир нерсени айтайын деп келатып, кайра айнып кеткендей сөзүн жутуп туруп калды да кайрадан сөзүн улады). Сени жакшы эле жашап жатат, эки балалуу болду. Аяш жакшы, албетте, бирок, сага жетпейт дедим. Кошомат кылыш керек да, ишиң түшүп турса.

- Сен калп айтып жатасың, жана башкача нерсени айтайын дегенсиң, турган жерден сөзүңдү башкага буруп кеттиң.

- Эч кандай бурбай эле. Сага ошондой көрүнүп жатса керек. Анан да Асылбек сенин турмушка чыкканыңды укканда жинди болуп кете жаздады, баарыбыз көңүл айтып отуруп, иче беріптирбиз, ошондогу ичкенибизди такыр унутпайм дедим.

- Алардын баарын айтып мактаныштын кажети бар беле?

- Антпесем, ал да ачылбайт эле да.

- Эмне болуп ачылып кетиптир?

- Болбой калды окшойт, ээ, айта берейинчи.

Ичине бир нерсе кирип калган Бектур эми кызып, ачыла баштады.

- Ишимди бүткөргөн соң жана айткандай сыйлап коёюн десем, көшөрүп болбойт. Чынында бүтпөй турган ишти бүткөрдү да. Акча сунсам чалкасынан кетти. «Сенден акча алмак белем. Билесиң да мен Асылбектин атын укканда бактылуу болорумду. Сен бүгүн мени бактылуу кылдың. Ошол үчүн сен мага эмес, мен сага ыраазымын», – деди.

Бул сөздөр Асылбекти таптакыр эле талкалап кеткендей болду. Ансыз да ичимдиктин күчү менен бошоп турган мууну таптакыр эле чачырап кеткенсиди. Аял киши болгондо балким, шолоктоп ыйлап жибермек. Баары бир эркек да. Эч унчукпай көпкө ба-

шын мыкчып отуруп калды. «Бекер айткан окшойм» деген Бектур да бир аз өкүнүп калды.

- Кечир досум, арактын кылганы да. Муну айтпашым керек эле. Анан калса, «айтпа» деп Ширин да суранды эле.

Асылбек башын мыкчып отурган бойдон козголбоду. «Анда эмнеге, анда эмнеге таштап кетти» деген сөз мээсинен кетпеди. Бир топтон кийин бул сөздөр сыртына чыкты:

- Анда эмнеге таштап кетти? Мен канча жалдырадым. Сурандым. Эч эрибей койду эле го. Таптакыр муз болуп, «жок мен башканы сүйөм, менин тынчымды алба» деп көгөрбөдү беле? Эмне үчүн, эмне үчүн антти?

- Мен кайдан билем, досум. Ширинди сөзүнөн кийин сенин суранганыңдан, жалдыраганыңдан шектенип калдым. Экөөңөрдүн ортоңордо эмне болгонун мен билбейм да. Мен билген боюнча экөөң тең бири-бириңди катуу сүйчүсүңөр. Балдар суктанчубуз, ыраспы? Демек, өзүңдөн кетсе керек. Мен баягы эле сени сүйгөн Ширинди көрдүм. Эч өзгөрбөптүр. Бул сөзүнө таң калыштын кереги жок. Мурун деле ушундай сүйлөчү. Билесиңби, Союзбек сенден жашырынып сүйүүсүн арнаганда «убара болбочу, Асылбекти башкага алмаштырышым такыр мүмкүн эмес, мен Асылбектин өзүнө эмес, тырмагына тең келе турган эркектер бул дүйнөдө жараларына ишенбейм» дегенин. Аны да Союз өз айыбын өзү ачып айтып келип күлкү болгонун? Ошол сөздөрү менен бүгүнкүлөрү окшош эле болуп турбайбы. Ширин башка кыздарга окшоп, сүйүүсүн жашырып, «эркекти көп эсиртпеш керек, андай-мындай кылыктанып кыйнаш керек» дегидей эмес болчу. Ойлогонун түз сүйлөгөн ачык кыз эмес беле. Ошону үчүн аны Союз эле эмес, баарыбыз жакшы көрчүбүз. Ал баарыбыздын досубуз болчу. Ширинден кетпеш керек эле, өзүңдөн кетсе керек айып.

- Өзүмдөн кандай айып кетиши керек? Мен аны башкага алмаштырган эмесмин. Ал мени алмаштырды. Аскерден келгиче, башканы сүйүп кетиптир. Анысын жашырбай ачык айтты. Мен эмне кылышым керек эле?

- Ала качып алышың керек эле?

- Ширинди ала качыппы? Анын кандай көк бет экенин жакшы билесиң да. Ошондой кызды ала качышка кандай жүрөк керек?

- Демек, сага ошол жүрөк жетишпеген экен.

- Ж-о-о... сен ойлосоң, эмне үчүн ала качышым керек? Башка бирөөнү жакшы көрсө, мен кантип зордоп ала качышым керек?

Бектурдун келиши Ширинди дүйнөсүн да дүрбөлөңгө салып койду. Канчадан бери нес адамдай жашап келет. Ошол абалга өзү да көнүп калды. Мындай жашаганына өзү анчалык маани берчү эмес. Күйөөсү гана «эмне унчукпайсың, эмне муздаксың? Сен мерезсиң, таш боорсуң» деп мас болгондо буркулдап калмайы бар. Анан калса, жалгыз кызынан кийин төрөгөн да жок. Кудай бербедиби, же ден-соолугун бузуп алдыбы, же организми өзү ушундайбы, эч кандай сактанбаса да экинчи жолу боюна бүтпөдү. Жада калса, жалгыз кызы да өзүнө караганда атасына ынак. Ширинди ушул гана нерсе тынчсыздандырат. Ал кызын жанынан артык көрөт. Бирок, кызы муздай-жездей болгон ага караганда баласаак атасына жакын. «Сенин муздактыгыңан эркек баласыз өткөнү калдым» деп мас болгондо эле наалыбаса, атасы кызын жанындай көрүп, үйрүлүп турат. Күйөөсү бизнес менен алектенгендиктен кызын моралдык жактан эле эмес, материалдык жактан да каалагандай эркелетет. Ширинге деле алгач ошондой мамиле кылуучу. «Кааласаң, иште, каалабасаң үйдө отур, мен сени эч нерседен кем кылбай багып алганга кудуретим жетет» деген күйөөсү Ширидин тандоосун өзүнө койгон. Ширинге баары бир эле. Кызыл диплом менен бүткөнүнө карабай карьеранын артынан түшүүгө көңүлү чаппады. Үйдө отурганда түнт жаны ого бетер кысылып кеткендиктен, эптеп өзүн бир көнүмүш жумуш менен алаксытыш үчүн нотариуска жумушка орношту. Алгачкы жылдары, күйөөсү болгон акчаны Ширинге карматып: «Каалаганыңды ал, каалагандай колдон», – деп туруучу. Ширин анысына көп маани деле берген жок. Бара-бара күйөөсү акчаны катып алмай, башка аялдарга бармайга өттү. Ага деле маани бербеди: «Өзү тапкан акча, өзү каалагандай колдонсун», – деп коюучу. Ошондо анан күйөөсү таптакыр башка мамилеге өттү. Баардыгына Ширинди күнөөлөп, бактысыз болгону үчүн, ичип жүргөндүгү үчүн, башка аялдарга барганы үчүн, баарына Ширин күнөөлүү экен. Мас болуп алып ушуларды айткан ал кол да көтөрчү болду. Далай жолу ажырашып кетүүнү ойлогон. Бирок, кызынан коркот. Бийлик менен байлыгы аз келгенсип, кызына таасири күчтүү күйөөсү, аны өзү менен алып калат

деп коркот. Ошондуктан таяк жегенине да кайыл болуп, унчукпай жашап келет. Балким, бул абалына өзү күнөөлүүдүр. Ооба, өзү күнөөлүү....

Бүгүн Бектурга жолукканда таптакыр башкача болуп кетти. Эчен кылым Арктикага айланып калган муз эригендей, жүрөгүн чексиз жылуулук аралап, канча жылдан бери сүйүү эмне экенин унутуп калган жаны кайрадан чексиз махабаттын балына чөмүлүп бактылуу болуп турду. «Асылым, Асылбегим...» деп алды ичтен сыза, деги аман жүрөсүңбү? Бактылуу болдуң бекен?».

Ал эмеле Бектурдун: «Сенин турмушка чыкканыңды угуп, Асылбекке көңүл айтабыз деп аябай ичкенбиз», – деген сөзүн эстеди. Эстеди да «көңүл айтып» деген сөзү кылт эте түштү. Бектурга: «Өлгөн адамга көңүл айтат. Мен тирүү турсам, эмнеге Асылбекке көңүл айтасыңар», – деген эле. Көрсө, туура эле көңүл айтышкан экен. Ширин өзүнүн эчак эле өлүү адамдай жашап келгенин сезбеген тура. Асылбектен кеткен күнү ал өлгөн экен. Бүгүн гана ал жашоонун, тириликтин даамын таткандай, муздап калган денесине жан киргендей сезип кетти.

* * *

Ал күндөр кандай бактылуу күндөр эле. Асылбек менен Ширин санаторияда чогуу болушуп, бир класста эки ай окуп калышкан. Эки ай чогуу окушкан менен алар бири-бирине классташ катары сый гана мамиледе жүрүштү. Ширидин дарылануусу аяктаган маалда биринчи чейрек бүтүп, каникул башталган. Асылбек жакын жашагандыктан каникулда үйүнө кеткен эле. Ошол маалда Ширидин атасы келип, кызын үйүнө чыгарып кеткен. Ширинге үч айдан бери ынак болуп калган классташтары менен коштошуу оңойго турган жок. Баары бир сыйра ыйлашып отуруп араң коштошушкан эле.

Асылбек каникулдан келгенден кийин Ширидин кетип калганын угуп нес болуп калды: «Качан?, Кантип эле?, Эмнеге алдын ала айткан жок?», – деп толгон токой суроолорду жаадырган бо-

юнча жообун угууга да чамасы келбей бөлмөсүнө жөнөдү. Барып эле керебетине көмкөрөсүнөн жыгылды да көпкө ойлонуп жатты.

Минтип күтүүсүз кетип калат деп ойлобогонун карасаң. Ойлогондо... Балким, башкача болмок. Эми ушул бойдон көрбөй каларын ойлогондо жанын коёрго жер таппай кетти. Бир жерде жашап, бир класста окуп, дайыма эле жанында жүрө берчүдөй бейкапар жүргөнүн карасаң. Эчак эле арзуусун ачык айтса болмок, антүүгө даабаган. Ойлогону бир, сүйлөгөнү бир, санаалаш, пикирлеш жакын классташын чоочутуп, алыстатып алуудан корккон. Ушуларды ойлоп көпкө жатты. Акыры кат жазууну чечти. Жазган каты өзүнө жакпай, кайра-кайра жазып отуруп, акыры жөн гана классташ катары ал-жай сурашкан катын жазып бүттү. Ачылуунун кереги жок, – деп чечти дагы эле. Бирок, ар бир сүйлөмүндө, ар бир сөзүндө, сагыныч менен купуя сезимдин илеби бар эле. Сезимтал жан эмеспи, өзү түшүнөр, сезер деп ойлоду.

Эң жакын көргөн, жакын сырдаш болуп калган классташы Асылбек менен коштошпой кеткенине Ширидин да катуу ичи ачышкан. Аңгыча эле андан кат келип калды. Конверттин сыртына аты жөнү жазылбаган менен Асылбектин эч кимдикине окшобогон оригиналдуу кол тамгасын көрөрү менен эле кат кимден келгенин түшүндү. Ошондо сүйүнгөнүн айт. Кудум сүйгөн жигитинен кат келгендей жүрөгү элеп-желеп болуп, катты ачууга даабай, өзүнчө жашырынып алып окуган. Муну байкап калган эжеси: «Эмнени эле жашырып окуп жатасың?», – дегенде: «Санаториядагы классташымдан кат келиптир», – десе: «Анын эмнесин жашырасың», – деген эле. Ырасында эле катта жашыра тургандай ашыкча деле сөз жок болуучу. Бирок, шектүү шексинет болуп, Ширин Асылбектен башкача сөздөрдү күткөн. Күткөн сөздөр жок болгон менен каттын ар бир сабында кандайдыр бир жылуулук бар экенин туюп, катты катып алып көпкө сактап, кайра-кайра окуп жүрдү. Бул чынында эле кайдыгер ал-жай сурашкан кат эмес болуучу. Катты окуган сайын Асылбектин элеси көз алдына келип, анын менен сүйлөшкөндөй жеңилдеп алар эле.

Ширин мектепти бүтүп, Фрунзеге окууга тапшырды. Классташ кыздарынан кол үзүшпөй алгачкы жылдары катуу катышып, жаштыктын романтикалуу күндөрүн бирге өткөрүп жүргөн кездери болуучу. Ошондой күндөрдүн биринде Ширин Асылбекке ка-

пысынан көчөдөн кезигип калды. Баягыдай эле классташ курбулардай учурашып, классташтарынын кимиси кайда жүрөрү жөнүндө сурашып отурушуп, бири-биринин даректерин алышкан соң, тарай беришти.

Көп өтпөй Асылбек Ширинди издеп барып, Ширинди курбуларын өзүнүн достору менен таанышгырып, бир чоң топко айланып, жаштардын бул тобу жаштыктын көп романтикалуу күндөрүн бирге өткөрүштү. Ошол кездеги таттуу күндөр Ширинди өмүрүндөгү эң бактылуу күндөр экен. Асылбек достору арасында кадыр-барктуу болгондуктан, алар Ширинди жана анын курбу кыздарын да жакшы кабыл алып, алар он жыл бирге окуган классташтардай жакын болуп кетишкен. Асылбекти сыйлаган достору Ширинди да сыйлашкандыктан, Ширин аларга бир туугандай мамиле кылып, ар дайым жайдарылыгынан жазбай турган. Көрсө, ошол жылдары Ширинде Асылбекке болгон сезим менен бирге эле Асылбекке тиешелүү баардык нерселерди жакшы көрүү сезими уялаптыр. Асылбектин досу, Асылбектин айылы, Асылбектин апасы, Асылбектин карындашы, айылдашы деген түшүнүктөрдүн баары ага жакын сезилип, аалам жалаң Асылбектен жана анын дүйнөсүнөн туруп калган эле. Ошого жараша Асылбеги да аны эч качан капалантчу эмес. Канча жолу курбу кыздары менен Асылбектин айылында конокто болушпады. Алардын айылы шаарга жакын болгондуктан бул айылдын жигиттери ар жумада ишемби, жекшемби күндөрүндө шаардан кыздарды алып келип, кече өткөрүшчү. Шаардан ар кандай кыздар келип, шаардык кыздар жөнүндө бул айылда көп жакшы пикир боло бербегенине карабай, Асылбек жана анын достору Ширинди курбуларын таарынткан жок. Андыктан Ширин эмес, анын курбулары да бул айыл, бул айылдын балдары жөнүндө кийин жылуу пикирлерди айтышчу. Ширин да Асылбектин айылын эстегенде аппак карды, ошол карда түн жаңырта ырдаган кездерин, айылдын четиндеги тоодо муз тепкен күндөрүн эстеп, бул айылдын эли да, жигиттери да дал ушул кардай таптаза, кардай ак пейил адамдар болгонун унутпайт. Көрсө ошонун баары Асылбегинин сүйүүсүнүн тазалыгында, пейилинин актыгында тура. Канча жолу бирге түндөрдү өткөрүштү. Бирок, Асылбеги аны канчалык сүйүп, «дүйнөдөгү эң акылдуу, эң жылдыздуу, эң жароокер кыз жанымда

жүргөнүнө кандай гана бактылуумун» деп канчалык айтпасын ашыкча кетип, кыздын каалоосунан тышкары кадамга барган эмес. Андыктан Ширин да Асылбеги менен бирге болуудан эч качан чоочулап көргөн эмес.

Мунун баркын Ширин кийин билди. Жигиттердин баарын Асылбектей ойлогон ал кийин дал ушунун айынан бүткүл өмүрүнө балта чаап аларын ойлогон эмес.

Асылбек аскерге кеткен соң Ширин көп деле оюн-зоокторго аралашпады. Жакшы көргөн адамың жанында болбогон соң, андай көңүл ачуунун деле кызыгы жок деп көңүлү чапчу эмес.

Бирок, ошол күнү кырсык жетеледиби, Ширин бир бөлмөдө чогуу жашаган кыздар, үйдө жалгыз отурмак белең, жүрү биз менен дегенинен айласыз кыйылып, кечеге жөнөгөн. Ал жактан шыпылдаган бир жигит аны айланчыктап жанынан кетпеди. Мурдакийин тааныш адамдар болбогондуктан көпчүлүк менен отурууну Ширин каалабай отурду. Анысы аз келгенсип ачка келгенде шыкап отуруп, ичиришкен виносу башына тээп, таза абага чыгып келейин деп бакка чыгып кеткен. Көп өтпөй эле алиги шыпылдаган жигит артынан жетип келди. Бир топко чейин экөө сүйлөшүп отурушту. Ширин негедир өзүн жаман сезип, бул жерге келгенине өкүнүп жаткандыктан алиги жигит менен көңүл кош сүйлөшүп отурду. Аңгыча алиги неме аны өпкүлөп, жактырып калганын айтып жалынып кирди. Бат эле жактырып калган бул жигитке канчалык ишенбей турса да, шарт туруп кетүүдөн, чечкиндүү каршылык көрсөтүүдөн корктубу, чоочудубу, унчуга алган жок. Ал ансайын тигинин аракети катуулап, эми таптакыр эле күчкө салганга өттү. Мындайды күтпөгөн Ширин: «Жоголчу ары, барчы ары», – дегенден башкага жарабай, алсыз гана бирөөнүн курмандыгы болуп берди. Кыздын катуу каршылык көрсөтүп, кыйкырык чуу салбаганы шерденттиби, тигил эми өзүн таптакыр эле кожоюн сезип, жайбаракат сүйлөп жатты: «Кой таарынба, кечирип кой, сенин таза экениңди билбепмин. Сен дагы кызыксың: «Тазамын, кызмын», – дебейсиңби, балким мынчалыкка бармак эмесмин», – деп коёт.

Ширин эч нерсе дебеди. Мунун баары өзү менен болуп жаткканына ишене албай, кандайдыр бир түш болуп калса экен деп тиленип жатты. Кыздын унчукпай калганынан улам, алиги неме кайра жармаша баштады эле: «Барчы ары», – деп кагып салды.

Эмнегедир бул жолу ал мурдагыдай күчкө салбады: «Болуптур анда, көп капа болбо, биринчи жолу баары кыйын болот, сенин ачууң тарагыча бара турайын», – деп акылдуу көрүнүмүш болуп басып кетти. Асылбегин жакын жуутпай жүргөн ал бир көргөн чоочун бир жалмаңдаган неменин жемине айланып калганына ишене албай турду. Ыйлайын дейт, көзүнөн жаш чыкпайт, катуу кыйкырып, чуу салууга көңүлү чаппады, түштөн кийин кыйкырганда эмне, жоо кеткен соң кылычыңды ташка чап дегендей тек гана нес болгон немедей үн-сөзсүз тура берди. Ал ушул учурда кыздык абийиринен айрылганына эмес, Асылбегин жоготконуна, ага эми эч качан даап бара албасына кейип отурду. Ансыз жашоонун эмне кереги бар? Өлгүсү келди. Азыр ушул унчукпай турган калыбында, чексиз жымжырттыкка жоголуп кетип, түбөлүк ойгонбой калса, ээ? Кыз абийири баарынан кымбат турарын бала кезинен кулагына жакшы эле уюгандай болгон. Жаштык, мастыкка алдырып, утурумдук кумарга алдырып, абийириңен ажырай көрбө айланайын деген сөздөр кулагына жаңырды. Кайдагы кумар? Ушунчалык жек көрүнүчтүү, ушунчалык жийиркеничтүү бул абалды кайсыл келесоо кумар деп айтты экен. Ширин ордунан козголбой көпкө отурду. Бир топтон кийин өзүнө келип, уйпаланган бою-башын түздөп үйдү көздөй басканда таң агарып калган эле. Эч кимге эч нерсе дебеген Ширин бөлмөлөш кыздарына да унчукпай үйгө келди.

Баары эч нерсе билбеген менен бул түнү Ширин таптакыр башка адам болуп төрөлдү. Өмүр бою калыптанган мүнөз бир түндө өзгөрөрүн Ширин ошондо көрдү. Башта элден башкача шайыр Ширин ошол түндөн кийин таптакыр түнт, кырс адамга айланды да ал мүнөз аны өмүр бою коштоп, эми минтип күйөөсү, «мынча музсуң, мынча кайдыгерсиң, ташбоорсуң» деген адамга айланган. Ал Ширидин эң бир шайыр, эң бир жароокер адам болгонунан кабары да жок эле.

Ширин өмүрүнө чоң өзгөртүү киргизген күн жөнүндө өзү эч кимге, атүгүл бөлмөлөш кыздарына айтпаган менен алар өздөрү сездиби, же эркектер аялдардан жаман ушакчы болот деген чын болуп, алиги зөөкүр неме башкаларга мактанганбы, айтор, ошол окуядан кийин эч ким менен сүйлөшпөгөн түнт кыз болгонуна карабай көрүнгөн эркек ага көп жармашчу болду. Болгондо да түз

эле төшөккө сүйрөгүсү келишет. Ансыз да өз акыбалынан чөгүп жүргөн Ширинге бул катуу тийип, ал ошол учурда өмүрүндөгү эң оор күндөрдү башынан өткөрүп, ааламда баардык адамдар көзүнө жек көрүнүп, ал эми эркектерди көрөйүн деген көзү жок эле. Бөлмөлөш кыздары да көзүнө суук көрүнүп, батирге чыгып кеткен.

Ошондой оор күндөрүндө Асылбек аскерден келип, издеп жүрүп Ширинди араң тапты. Акыркы күндөрү катына жооп жазбай калган Ширинди күйөөгө кетип калган экен деп шектенген Асылбек аны көргөндө кубанычынан жарыла албай араң турду. Бирок, Ширин Асылбекти муздак кабыл алып, бекер келгенин айтты. Жалындап турган сезимине капысынан суу чачкан кызга эмне дээрин билбеген Асылбек да кескин мүнөзүнө салып, учурунда көп такыган жок. Тек Гана: «Сен деле ушундай белең», – деп терс бурулуп басып кетти. Үйүнө барган соң ал кызга минтип кескин мүнөзүнө салып, тез эле кол шилтеп коё албасын түшүндү. Антүүгө эрки да жетпейт экен. Ширинсиз жашоосун элестете албаган Асылбек мындан ары өз бактысы үчүн күрөшүүнү чечти. Ширин күрөшүүгө татыктуу эмеспи? Татыктуу: «Сен деле башкалардай белең», – деп дароо айта салганын карасаң. Ал башкалардай эмес. Анын Ширини дүйнөдөгү эң керемет кыз. Ойлоп көрсө, ушул убакка чейин Асылбек Ширин деп көп деле азап тартпаптыр. Ал бир кезде классташына сезимин билдирүүгө да дааган эмес. А түгүл кат жазганда да биринчи озунуп сезимин билдирүүдөн намыстанган. Эгер Ширин Асылбекке кайдыгер эмес экенин ачык сездирбеген болсо, ал ошол бойдон жүрө да бермек окшойт. Экөө бир кезде кыз-жигит болуп жүрүшкөн кездеринде деле Ширин ага камкор мамиле жасачу. Албетте, Асылбек да анда бой көтөрүп калган жок. Экөө биринен бири өтө бири-бирин сыйлап турушчу. Эми болсо, мындай керемет кыз үчүн күрөшүүнүн кезеги келсе керек деп ойлоду ал. Бирок, Ширин Асылбекти таптакыр боюна жуутпай койду. Асылбек Ширидин мынчалык орой, мынчалык түнт болуп кеткенин түшүнө албады. Мындай орой мамиле жасагыдай мен эмнемден жаздым? дечү ал. Болуптур, башка бирөөнү жактырып калыптыр. Бирок, бул үчүн мен эмес, ал өзүн ыңгайсыз сезиши керек эле. Антиштин ордуна Асылбекти такыр эле киши ордуна көргүсү жок. Акыры мындай мамиледен Асыл-

бек да чарчады. Улам жаакка жеген баладай Ширинге баруудан ал кадимкидей заарканчу болду. Акыры өзү менен өзү болуп, кызга барууну да токтотуп койгон. Кыз түгүл өзүн унутуп койгон жигит бул убактарда терең депрессияга түшүп кеткен эле. Бирок, жашоо улана берет экен. Акыры мезгил дарыладыбы, бир нече ай өткөн соң бир күнү кайрадан өзүнө келип Ширинге барууну чечти. Эмгиче сүйгөнүнө күйөөгө тийип да кетсе керек деп бир ойлоп алды. Бирок, үмүт деген кыйын белем, адегенде телефон чалууну ойлоп, блокнотун аңтарып кирди. Бир кезде кыздын байкесинин үйүнүн телефону алган эле. Күйөөгө тийип кеткен болсо, бул телефондо болбойт да деген ал бейкапар номерди терди.

Аңгыча: «Бул ким?», – деген тааныш үн чыкканда канча айдан бери батып турган күнү жарк этип чыга калгансып, заматта кабагы жарк эте, бүткөн боюн калтырак басып кетти. Бул үндү ал экинчи укпачудай болгон. Бул үндү ал жер шарындагы миллиардаган үндөрдөн да жазбай тааный турган.

- Ширин, бул менмин... (Ширидин оройлугунан заарканып калган Асылбек атын атаганга даабай турду)

- Асыл?..

Ширидин жумшак үнү Асылбектин да муунун бошотуп, көпкө унчуга албай тура берди. Трубканын эки жагындагы эки адамдын ал убакта эмнени ойлоп, кандай абалда болуп жатышкан сезимдерин жазууга мүмкүн эмес эле. Акыры Асылбек унчукту:

- Ооба, бул мен, Асылбекмин. Кандай Ширин, денсоолуктарың жакшыбы?

- Жакшы, ырахмат.

Таптакыр музга айланып калган Ширидин жумшак мамилеси эркетип жибердиби, Асылбек эми төгүлүп-чачылып кирди.

- Ширин, жакшы болбодубу. Канча болду, кабарыңы билбегениме. Сени үйүңдөн табам деп ойлобопмун.

- Ооба, бүгүн үйгө капысынан келип калдык эле.

- Келип калдык эле? Ким менен? (Асылбектин жүрөгү шуу дей түштү)

- Жолдошум экөөбүз.

- Турмушка чыктың беле?...

- Ооба, уга элексиңби? Куттуктап койсоң болот. Буйруса, жакында балалуу болобуз.

- Асыл? Асыл, эмне унчукпайсың?...

Ширин трубканы коюуга шашылбады. Асылбеги эмне деп урушса да, кандай жаман сөз айтса да баарын угууга даяр эле. Иши кылып Асылбегинин аз да болсо үнүн угуп алса, эмне деп сүйлөгөнү баары бир эмеспи. Асылбек да трубканы таштабады. Бирок, эч нерсе дегенге алы келген жок. Ширин бир топко трубканы тыңшап туруп акыры коюп салды. Көзүнөн аккан жаш салаалап агып, ал үнсүз ыйлап жатты.

- Эмне көзүң кызарып калган? Ыйладыңбы? Сени булгап таштап кеткен каяктагы бир сүйгөндөрүңдү эстеп атасыңбы? Ыйлаба? Балага зыян кыласың?

Ширин күйөөсүнүн бул сөзүнө эч нерсе деп жооп кайтарбаган менен, күйөөсүнүн мынча сезгичтигине таң калды. Тим эле үстүнөн түшкөндөй айтканын карасаң. Албетте, баары эле туура эмес дечи, бирок, эмне үчүн ыйлап жатканын сезип койгонуна таң калды. Бирок, сыртына чыгарбады. Адатынча кырс мүнөзүнө салып, унчукпай кутулду. Балким балалуу болуп кетсек, баары унутулар деп ойлоду Ширин. Анан калса, күйөөсү Эркиндин буга эч кандай деле тиешеси жок эмеспи. Эркинге ал капысынан жолукту. Кыз менен бир эки көрүшкөн соң эле төшөккө сүйрөгүсү келген жигиттерден айырмаланып ага Эркин башкача мамиле жасады. Эркектен көңүлү калып калган ал Эркинден да өзүн оолак кармаган менен ал Ширинге жөн гана пикирлеш достордой жылуу мамиле кыла турган. Ар кандай учурда Ширидин таламын талашып турчу жигитке кыз да бара-бара жумшак мамиле жасачу болду. Бирок, жүрөгүнүн тереңинде: «Бул мен жөнүндө билбейт, билген күнү башка мамилеге өтөт», – деп ойлоп коюучу. Эркин Ширин жөнүндө чын эле билбей турган. Андыктан чын дилинен жактырган кызга көңүлү да ак эле. Болгону кыздын кайдыгер, түнт мүнөзүнөн улам: «Бир кайгылуу окуяга дуушар болсо керек», – деп аяр мамиле жасап, бирок, аны терең билүүнү каалаган да жок.

Бара-бара экөө ынак адамдарга айланды. А түгүл күндөрдүн бир күнүндө Эркин жактырган кызын каалап турганын да айтты. Демейде, мындай сунушка чырт этип, жаңжал салып, титиреңдеп өзүн жоготуп жиберчү Ширин унчуккан жок. Ага азыр баары бир эле. Асылбеги көрүнбөй калгандан бери ага кайсыл эркек менен болуу баары бирдей сезилип калган. Анан калса, Эркин деле жаман бала эмес.

Эркин Шириндин кыз эмес экенин билген менен эч нерсе деген жок. Өзү көрүп турбайбы, кыздын жеңил-желпи эмес экенин. Ал эми калганын сураштын эмне кереги бар. Турмушта адамдын башынан эмнелер гана өтүп-кетпейт, деп ойлоду ал. Эркин унчукпаган соң, Ширин да унчукпады. «Кааласа, басып кетсин, кааласа калсын, мага баары бир», – деп ойлоду. Ошентип күндөр өтө берди. Качан гана Ширин өзүнүн кош бойлуу болуп калганын түшүнгөн соң, баардыгы оюнчук эмес экенин: «Баары бир» деген кайдыгер жашоонун да жооп берчү убагы келерин чындап сезди. Эми гана бул үчүн ал өзүн гана эмес, бүтүндөй урук-тууганын, биринчи кезекте жанындай көргөн ата-энесин уятка калтырарын түшүнүп, эмне кылар айласын таппай отурду. Кош бойлуу экенин Эркинге айтты эле, ал так секирди. Анын планында мындай нерсе болбогонун айтып, баланы алдырып коюуну суранды.

Ширин өз көйгөйү менен өзү калганын түшүндү. Баардыгы эми анын чечимине байланыштуу. Эми ал чоң киши экенин толук сезип, чоң жоопкерчилик менен өз тагдырын чечүүгө өттү. Биринчи кезекте энемин - «баланы алдырбайм» деп чечти. Экинчи кезекте ата-энеми жер карата албайм. Бирок, кантип?

Ошентип Эркин менен Шириндин ортосунда кадимкидей соодалашуу жүрө баштады.

- Баланы алдыр, мамилебизди улайбыз, – дейт Эркин.

- Баланы алдырбайм, сен менин баламдын атасы экениң менен гана баалуу болуп турасың, баланы алдырган күнү сенин мага керегиң жок, – дейт Ширин.

Акыры Эркин үйлөнүүгө, баланы чогуу чоңойтууга көндү. Ширин да буга көндү. Ал өзүнө өкүм чыгарып койгон эле. Эми менин сүйүү, сүйгөн адамыма жетүү деген кызыкчылыгым өлдү. Буга өзүм күнөөлүүмүн. Андыктан өз күнөөмү өзүм тартып, ба-

Т.СЫДЫКБЕКОВ АТЫНДАГЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСТУК КИТЕПКАНА
№ 273912

ламды аталуу, ата-энемди уятка калтырбоо үчүн сүйбөгөн адам менен турмуш курушум керек.

Кызынын турмушка чыгарын угуп, күйөө бала болчу адам менен таанышкан соң, эне жүрөгү бир нерсени туйдубу, кызына капысынан кайрылып калды.

- Балам, турмушта эмне гана болбойт. Күйөө болчу бала экөөңөрдүн ортоңордогу мамилеге көңүлүм толгон жок. Бактылуу жашап кетериңерге ишене албай турам. Жаштык кезде жаңылыштык болот. Эгер жаңылып калып, аргасыз турмушка чыгып жаткан болсоң ачык айт. Бизди уятка калтырам деп өзүңдү отко салба. Эл айта берет. Чарчаганда унутуп калат. Бирок, сен унутпайсың. Күйөөгө адам өмүрлүккө деп чыгат. Каалабаган адамыңа турмушка чыгып, өзүңө өмүрлүккө өкүм чыгарба. Сен али жашсың, дагы жашашың керек.

Апасынын бул сөзүнө ичинен чок баскандай чоочуган менен сыртынан сыр бербегенге көнүп бүткөн Ширин:

- Койчу апа, кайдагыны сүйлөбөй, бактылуу эле болуп турам. Күйөө балаңызга капа болбоңуз. Анын болгон мүнөзү ошондой, – деп койду.

Бектурга жолуккан бүгүнкү бактылуу ирмемде Ширин ошондогу апасынын пайгамбардай айткан сөздөрүн эстеп, көпкө тунжурап туруп калды.

Кокустук

аңгеме

Гүлжан анда беш кыз болуп чогуу жүрүшчү. Кыздар шаардын четиндеги көлмөгө эс алганы келишет. Бул көлгө эс алууга тажикстандык кыргыз студент балдар келип калышчу. Дайыма топ-топ болуп жүрүшкөндүктөн тез эле көзгө көнө түшкөн. Ал кезде балдардын дайым чогуу келишкенинен бир окуу жайында окуйт го деп ойлошчу. Көрсө, аларды мекени Тажикстан гана бириктирип турчу окшойт. Антсе да негизинен политехникалык институтта окушкандыктан аларды «политехтик тажиктер» деп коюшат.

Гүлжан суудан чыгып адаттагыдай курбу кыздары, теңтуш жигиттер менен тамашалашып отурушкан. Аңгыча көлдүн аркыберки өйүзүнө жеңил чабак уруп жүргөн жолдошун жигиттер: «Тиги физкультурныйда окуйт окшойт ээ?», – деп тамашалап калышты: «Политехтик тажиктердин арасына физкультурныйдан кайсы чоочун адашып кеткен», – деди Гүлжан да балдардын сөзүн жиреп.

- Кайсыл чоочун экенин өзүң барып билип келсең, кантет?

- Билсе, билем эле, – кыз күтүп турбастан чуркап барып көлгө түшүп кетти. Ал сууга сүзгөндү жакшы билчү эмес, бирок, шайтан айдагансып түптүз чуркап сууга кирген бойдон бет келди сүзүп кете берди. Аңгыча колу талып кетип өйдө боло бергенде таптакыр суунун терең жерине келип калганын билип, коркконунан өзүн жоготуп таптакыр алактап калды. Бир эки жолу сууну чапкылаган менен кыйкырууга үлгүрбөй тереңди көздөй кетип, үн чыгарууга алы келбей суу тереңине тыбырчылап түшүп баратты. Аңгыча суу түбүнөн аны бирөө жогор жакка түртүп чыгарды. Какап-чакап араң эсине келген ал жанталаша өзүн көтөрүп чыккан жигитке ороло кучактады. «Коркпо, өзүңдү жоготпо, денеңди тырыштырба, эркин бол, колу, бутуңду эркин кой» деп буйрук берген үнгө негедир баш ийип, эмеле жашоо үчүн күрөшүп жаткан жаны дароо өзүн таштап, сууга денесин бош коё берди. Бирок, ойлогондой терең жакты көздөй чөгүп жөнөбөй суу үстүндө калкып

туруп калды. Эмнегедир эч ким кармабаса деле суу үстүндө калкып турганына таң калып, бирок, жыйрылса эле кайра чөгүп кетпейин деп корктубу колу-бутун жайып жиберип чалкасынан көл үстүнө калкып тура берди. «Азамат, мына кантип чөкпөй турууну үйрөндүң, эми сүзгөндү да үйрөнөбүз»,- деди алиги үн. Кыз жооп берүүгө алсыз эле. Анан калса, кулагына ушунчалык жагымдуу угулган бул үндөн өзүн толук жоготуп жиберүүчү абалга келгенин туйду. Бирок, минтип көпкө тура албасын да түшүнүп турду.Карасаң, өмүр менен өлүмдүн ортосундагы ушул кыйын мүнөттөрдө да жагымдуу үндү ажыратууну каалап турганымды деп ойлоп койду өзү жөнүндө.

Аңгыча диолог уланып кетти

- Сиз мени жээкке алып барып туруп үйрөтө аласызбы?

- Жок, коркунуч жок экенин билип калсаң, мындай жөндөмүң жоголот.

- А сиз мени ушундай абалда канчага чейин күтөсүз?

- Өмүр бою.

- Көп эмеспи?

- Суу үстүндөгү сулуу кызды күтүү эч качан көп болбойт.

- Сиз мени көрүп турасызбы, мен асмандан башка эч нерсени көргөн жокмун.

- Астың көпкөк көл, үстүң көпкөк асман, кандай сулуулук! Андан башка эмненин кереги бар?

- Сизди көргүм келет.

Жигит жакын келди да унчукпастан кызды кармай жээкти көздөй сүзүп жөнөдү.

- Ну и тренер, – деди кыз күлүп жиберип, – рахмат, -- сиз куткаруучу эмес эле окутуучу болуп кеттиңиз го? Мага сууга сүзгөндү үйрөтө тургандай тренер болбойсузбу?

- Машыктыруучу де.

- Сиз ошончо таза кыргызча сүйлөйсүзбү, ээ?

- Колдон келишинче.

- Болуптур, эсте болот. Анан машыктыруучум болосузбу?

- Болоюн.

- Мен өмүр менен өлүмдүн ортосундагы мүнөттөрдөгү тобокелчиликти жакшы көрөм. Бирок, ал үчүн өлүмгө каршы коё тур-

ган бир амалың болуш керек да. Менин андай амалым жок эле. Андыктан сууга чөгүү мага азарт тартуулай алган жок.

- Сен азыр ал амалды колдонбодуңбу?

- Кандайча?

- Адамдын мүмкүнчүлүгү чексиз эмес. Мисалы, мен деле чарчайм. Ошондо булчуңдарымды эс алдырыш үчүн 2-3 мүнөт суу үстүндө калкып эс алып туруп, кайра сүзүүмдү улантып кете берем. Сен азыр ошондой амалды колдондуң.

- Сиз жакшы машыктыруучу болот окшойсуз, ээ?

Жигит унчукпай бир топ ойлонуп туруп, суроо узатты:

- Чын элеби?

- Эмне чын элеби?

- Жана көлдө айткан сөздөрүң?

- Кайсынысы?

- Эң акыркысы.

- Жок, ал жан айласы да.

Жана эле жаркылдап сүйлөп жаткан жигит заматта өзгөрүлдү да, унчукпастан көлгө секирип кирип, жок болуп кетти. Кыз түшүнбөй суунун бетин карап бир мүнөттөн ашык туруп калды. Бир чети коркуп да кетти. Аңгыча бир топ жерден суу алдынан чыккан жигиттин башы көрүндү.

- Байке, бери келиңиз, ушунча да таарынчаксызбы? Кыз суу-га тереңдей басып жөнөдү. Жигит унчукпай, суунун түбүнө кай-радан чөмүп кетти. Кайрадан жымжырттык. – Байке-е, кайдасыз?

Аңгыча жигит кыздын дал бут алдынан тура келди.

- Коркутасыз да.

- А сен таарынтпай жүрбөйсүңбү?

- Тамашага да таарынасызбы?

- Анда чын эле дечи?

- Эмне чын эле?

- Дагы башталдыбы?

- Жок, чын эле.

- Эмне чын эле?

- Сизге айткан сөзүм.

- Кайсынысы?

- Баардыгы.
- Мага өзгөчө акыркысы керек.
- Акыркысы да чын.
- Анда кайталачы.
- Мен сизди көргүм келди.
- Көрдүңбү анан?
- Ооба.
- Кандай экем?
- Мен күткөндөй экен.
- Канча күттүң эле?
- Көп болду.
- А мен сени өмүр бою күткөм.
- Сиз бул сөздү экинчи жолу айтып жатасыз. Жаттап алган жок белеңиз?
- Сен санап отурдуңбу?
- Санап отурдум.
- Ар биринби?
- Ар бирин.
- Кабыл алдыңбы анан?
- Азырынча тренер катары кабыл алдым.
- Андан көбүрөөккө үмүт кылса болобу?
- Бул дүйнөдө бардык нерсе болушу мүмкүн.

Андан ары экөө ээрчише сууга чумкуп киришти да сүзүп жөнөштү. Тагыраагы жигит кызды жетелеген бойдон көлдү айлана сүзүп жүрүштү.

- Гүлжан! – аркы өйүздөгүлөрдүн кыйкырыгын бири-бирине алаксыган бул жээктеги кыз-жигит уккан да жок. Аңгыча отурган кыз-жигиттердин аңгемеси алиги суучул жигит жөнүндө уланып кетти.

- Тигилер таза табышып алды го, – деди Жыпар.

- Биздин «одинокий волк» акыры түгөйүн тапты окшойт, – деди Бахтияр да.

- Мунуңарды чын эле биринчи көрүп жатабыз го, мурун кайда жүрдү эле?

- Бизге караганда бул көлмөгө ал көбүрөөк келет. Бирок, кечинде эл кеткенде жалгыз келет. Кечинде суу да жылуу болуп калат эмеспи. Негизи эле ал жалгыз жүргөндү жактырат.

- Кечинде бул жакта ар кандай криминалдык окуялар көп болот го? Жалгыз коркпойбу?

- Анда коркуу сезими жашабаса керек.

- Албетте, ал спортсмен экен, бирок, жалгыз баары бир коркунучтуу да. Баатыр бир октук деп коюшат го.

- Кудай сактасын! Негизи андайлардан оолак болсо керек.

- Ал деги эле баардык нерседен оолак. Кыздардан да.

- Кыздардан оолак эмес окшойт го?

- Ырас эле. Анын мындай өнөрүн биз деле билбепбиз.

- Баса, биздин Гүлжан да коркуу дегенди билбеген экстрамалка кыз. Экөө издешпей табышып алышкан окшойт. Эми буларды канчага чейин күтөбүз? Кеч да болуп кетти. Досуңардын аты ким?

- Темир.

Аңгыча кыздардын бири жээкке барып дагы кыйкырды:

- Гүлжан! Темир!

Аркы жээкке жаңы эле чыгышкан кыз-жигит кыздардын чакырып жатышканын эми билишти.

- Бизди чакырып жатышат.

- Кимди дейсиң?

- Сизди, мени.

- Жо, мурдагыдай айтсаң?

- Мен эмес эле сиз ар бир сөздү санап, байкап турат окшойсуз?

- Жо, айтсаң эми?

- Бизди чакырып жатышат.

- «Бизди» деген кандай жылуу угулат, ээ?

Экөө берки жээкке сүзүп жөнөштү. Алар келгенде кыздар кийинип Гүлжанды эле күтүп калышкан экен. Гүлжан да көз ачып жумганча кийине коюп, кыздарга кошулду.

- Дагы бир аз отурбайт белеңер?

- Жок, бүгүн шашып аттык эле, кийинкисинде шашпай келебиз.

Кыздар жөнөй беришти. Гүлжандын мынчалык тез кетип каларын күтпөгөн Темир шашып калды. Кыздардын артынан баруу-га үлгүрбөсүн билди. Себеби, кийимдери аркы өйүздө калган. Ал адатынча жалгыз көлдүн аркы өйүзүнөн түшкөн болуучу. Аңгыча кыздар бир топ узап кетти.

- Гүлжан! – Темир кыздардын артынан чуркады.

Ушуну эле күтүп тургандай кыз артына бурулду да күтүп калды.

- Сага бир мүнөткө мүмкүнбү, – Кыздарга жете келген Темир чоочун кыздардан тартынып туруп калды.

- Кыздар, баса бергиле, мен артыңардан жете барам.

Ал эми жигитке кайрылды:

- Болуңуз, айта бериңиз, биз шашып аттык эле.

- Жок, жетише албай калат экенмин.

- Анда жакшы барыңыз, кийинки жумага чейин.

- Жок, кийинки жумага чейин күтө албайм.

- Анда күтпөй эле коюңуз.

- Сен эртең, саат төрткө «Октябрь» кинотеатрына келе аласыңбы?

- Кызык экенсиз, – кыз күлүп жиберди. Кошуңуз анда, мен ансыз да кечигип жатам.

- А мен сени эртең ошол жерден күтөм.

- Күтө бериңиз, – кыз жигитти андан ары сүйлөтпөй узап кетти.

Гүлжан ал түнү такыр уктай албады. Жаңы эле таанышкан жигиттин элеси такыр эсинен кеткидей эмес. Дагы шылдыңдап күлүп коём. Бир жумага өзүм чыдай ала турган эмесмин, – Гүлжан ар түркүн ойлорго чырмалып өзү менен өзү сүйлөшүп жатты.

- Анда эртең бара берсемби?

- Уят го. Жакшы тааныбаган адамың бир жолу чакырса эле жанталашып жетип барган кантип болсун?

- Анда бир жума күт.

- Жок, күтө албайм.

- Анда, эртең жөнө.

- А кокус, ал өзү келбей калсачы?

- Анда бир жума күт.
- Күтө албайм.
- Анда, эртең жөнө.
- Келбей калсачы?
- Келет!
- Мен ага барам деп айткан жокмун да?
- Келет!
- Аны кайдан билесиң?
- Билем.
- Кепилдик бере аласыңбы?
- Кепилдиктин сага эмне кереги бар? Келсе да, келбесе да ал өзүнүн иши. Сен өзүңдүн ишиңди бил. Барасыңбы?
- Барам!
- Азамат! Ыңгайсыз болбойсуңбу?
- Ыңгайсыз болбойм! Баргым келип жатабы, демек барам! Чын эле, келет, келбейт, ал өзүнүн иши.

Акыры Гүлжандын адаттагы экстремалдык сезими жеңип кетти. Сабактан чыгар менен түз эле үйүнө келди. Саат араң түшкү бир болуптур. Тамакка көңүлү чаппады. Жасанып-түздөнүп, күзгүгө каранып отуруп бир саатын кетирди. Дагы эле саат жылбайт. Качан төрт болот деп коёт ичинен. Ичи тим эле тызылдап чыкты. Канча экстремалдык мүнөттөрдү башынан өткөргөн. Мынчалык толкунданып, мынчалык чоочуркап, мынчалык тынчсызданып көрбөптүр. Аңгыча саат жебеси 15:30ду көргөздү. «Азыр чыксам, төрттүн айланасында барып калам. Ал транспортко байланыштуу. Маршрутка дароо келсе, төрткө беш мүнөт калганда барам, кечиксе, беш мүнөт өткөндө барам», деди да жолго чыкты. Аялдамага келер менен маршрутка келди. Түшпөдү. Дароо жетип баруудан тартынды. Экинчиси келди, ага да түшпөдү. Үчүнчүсү, төртүнчүсү, бешинчиси... Саат беш болуп кетти. Эми кеч. Баргыча беш жарым болот. Келген болсо да, күтө берип кетип калса керек. Аңгыча кезектеги маршрутка келди. Кыз эмнегедир күтүүсүз барып маршруткага отурду. Кинотеатрга бир аялдама жетпей түшүп калды да, жөө жөнөдү. Жакындаган сайын жүрөгүнүн дүкүлдөгөнү күчөдү. Жакын калганда Чүй проспектисинен Киев көчөсүнө өттү. Түз барууну каалабады. Кинотеатрдын

арт жагынан келе жатып скамейкада отурганын байкап, тааныды да токтоп калды. Кайрадан өзү менен өзү сүйлөшө баштады.

- Барсамбы, барбасамбы?

- Ушунча келип кетип каласыңбы?

- Кантип барам?

- Бутуң менен эле басып барасың?

Аңгыча жигит ордунан туруп көчөнү көздөй басты.

Ана кетип баратат. Эми кеч. Бирок, жигит кетпеди. Жолду жээктей ары-бери басты да, аялдамага токтогон маршрутканы карап калды. Эч ким түшпөгөнүн түшүндү да кайра ордуна келатты. Бет маңдайынан келаткан жигитти көрүп кыз чоочуп кетти. Бирок, жигит башын көтөрбөгөнгө алысыракта келаткан кызды көргөн жок да, кайра келип ордуна отурду.

Кыз отургучка эми чечкиндүү басып келатты. Жакындап келген добуштан жигит артын карады да жанына эле келип калган кызды көрдү.

- Гүлжан!

Ал экөө көп жылдан берки тааныш кыз-жигиттердей кучакташа көрүштү.

Экөө кино афишаны карамыш эткен менен негедир көп үзүлүп карашпады. Азыр алар киного киргиси келбей турушкан. Акыры экөө тең муну түшүнүштү да бир убакта удаа күлүп жиберишти.

- Жүр андан көрө, бульварды аралап басып келебиз. Жөө басууну экөө тең жакшы көрө турган. Экөө «Жаш Гвардия» булварында ары-бери канча убакыт басышканын эстегиче күн кечтеп калган. Экөө скамейкага отура кетишти.

- Эмнеге киного киргиң келген жок?,-деди жигит

- Сизди жакынырактан сүйлөшүп билгим келди.

- Билдиңби анан.

- Биле албай жатам.

- Адам өзү жөнүндө бирөөнүн билгенин көп деле каалабайт.

- Сиз да адам табышмак болуш керек деп жатасызбы? А мен табышмак болууну каалабайм деле. Жашыра турган эч нерсем жок.

- Жашырбай баарын айта алам дечи.

- Ооба, мен жашырынгыдай кылмышкер эмесмин, же сиз кылмышкерсизби?

- Эмнени жашырбай айта аласың?

- Баарын.

- Айтчы?

- Эмнени айтышым керек? Өмүр баянымды айтмак белем. Баланчанчы жылы, кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулгам деп.

- Кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган эмессиң.

- Эмне үчүн?

- Эрке өскөнүң көрүнүп турбайбы?

- Анан эмнени айтышым керек?

- Эмнени жакшы көрөсүң?

- Эмнениби? Көп нерсени. Анын кайсынысынан баштайм.

- Биринчи оюңа келгенинен башта.

- Биринчиби? ...мм. От менен ойногонду жакшы көрөм, ок менен ойногонду жакшы көрөм. Мисалы, «Формула-1»ди. Ушундай «бешенный скорость» менен... кандай кумар! Футболдо гол киргенде да мындай сүйүнбөйсүң.

- Өзүң экстремалдуу мүнөттөрдү башыңан өткөрүп көрдүң беле?

- Көп жолу. Көп жолу экстремалдуу мүнөттөрдү башыман өткөргөм. Бир жолу 9-класста, тоого чөпкө барганбыз. Анан кыздар-балдар түшкү тамактанууда шаркыратманы көрүп келебиз деп сууга барып калдык. Июнь болуучу. Суу кирип турган. Аркы өйүздө өрүк сапсары болуп бышып турган экен. Эл берки тараптан барганга бир мөмөсүнө кол тийбей мөлтүрөп туруптур.

Сууну кечип аркы өйүзгө өтсөкпү деп калды балдар. Кирип турган сууга түшүү деле опурталдуу. Сууга деле түшмөкмүн. Балким, агып кетмекмин, балким, катуурак секирип аркы жээктин толкунуна туш келсем, толкун өзү аркы жээкке сүрөп чыгарып коймок. Анан өйдө карадым. Шаркыратманын үстү жагы жалама зоока. Ушундай жалтырап сонун көрүнөт. Асты шаркыратма, үстү зоока – кандай керемет! Сууга секирүү анын жанында эч нерсе болбой калат. Анан чуркап өйдө жөнөдүм. Артыма карабай шуулдап кете берип, бир убакта токтоп, айланамды карасам жардын тең ортосуна келип калыпмын. Алды жагымды карасам, шаркы-

ратма. Андан төмөндө балдар кыйкырып жатышат. Нуржамал деген курбум бар эле. Менин жинди экенимми жакшы билет да, ошого кайтарып эле басып жүрчү. Ошол каргап-шилеп кыйкырып атат, жалынып атат, урушуп атат. Андан бир эки күн мурун чөпкө чогуу келген 7-класста окуган инимди аябай урушкан элем. Чоң класстын балдары менен тамеки чегип отурган экен, көрүп калып, жер-жеберине жеткем. Нуржамал келип: «койчу эми, чоң балдар чектирди да, өзү чегиптирби» деп ажыраткан эле. Ошону айтып атат. «Ини тарбиялагандын балакетин аласыңбы, сен жасаган тентектиктин иниң бирин да жасабайт. Акмак! Өлсөң жөн өлбөйсүңбү! Ушунча балдар-кыздардын алдында өлүш керекпи, аа? Сенин өлүшүң үчүн да көрүүчү, коштоочу керек болдубу, аа?» деп эле безилдеп атат. Мен Нуржамалдын «аа?» дегенин угуп алып эле күлкүм келет. Ачууга уугуп, ушунча башкача керемет акцент менен айтат десең, угуп эле, күлөсүң. Каткырып күлүп жибергени калып, тең салмактуулугумду жоготуп жибере жаздап, бутуман тайып барып, колум менен катуу тырмышып туруп калдым. Балдар чуулдап жибериштн. Чын эле алар топтошуп, жарданып карап алышыптыр.

«Ээй, балдар мен Кожожаштай асылып калдым, эми жыла албайм. Тең ортого келип калган окшойм, мага жакшы көрүнбөй атат. Силер айткылачы, кайсыл жак жакын, ары кетейинби, же бери кайтайынбы?» деп кыйкырдым. Балдардын жармысы, «ары кет!» десе, жармысы «бери кайт!», – деп чуулдап жибериштн. Ушундан улам чын эле тең ортосуна келгенимди түшүндүм. «Ары барсамбы, бери келсемби» деп өзүм да ойлонуп калдым. Бери кайтуу жеңилгендик. Жеңилген адам калпыстык кетириши көбүрөк мүмкүн. Ал эми жеңишке карай жол кошумча кайрат берет. Андыктан жолумду уладым. Туура болжоптурмун – аркы өйүзгө аман-эсен өтүп кеттим.

- Эмне өрүк ошончо зарыл беле?

- Кайдагы өрүк? Өрүк жөн эле шылтоо да. Азарт! Дал ошол маанилүү.

- Аркы өйүзгө го өтүпсүң, кайра кантип берки өйүзгө өттүң?

- Оңой эле. Оор жүк көтөрүп чуркаган адам, жүктү алып койгондо чуркабай эле учуп калат го, ошондой. Аскадан өтүп келген соң, сууга секириш оңой болуп калды да.

- А өрүктү эмне кылдың?

- Өрүккө эле асылып калдыңыз да? Өрүк маанилүү бекен? Бирок, чынымды айтсам, өрүктү алып келүү деле бир аз ойго салганы чындык. Жайкы көйнөктө чөнтөк болбойт эмеспи? Колума кармап барганда да болбойт. Суу менен күрөшүш үчүн эки колум бош болуш керек.

- Анан эмне кылдың?

- Анан тосуп алгыла деп ыргыттым, дагы жакшы суу кенен эмес, терең акчу. Жээк кууш болгонго өрүктү тосуп алууга мүмкүн болуп жатты.

- Сууга аккан жоксуңбу?

- Агып кетсем, алдыңызда турбайт элем го?

- Жаман кыз экенсиң. Өмүр деген оюнчук эмес да, анчалык ойногудай.

- А мен андай деле ойногон жокмун. Мен сөзсүз аскадан өтө алмакмын. Кожожаш асылып калышы мүмкүн, а мен асылбайт болчумун.

- Мактанып жаткан жоксуңбу?

- Жок мен өзүмдү айткан жокмун. Кожожаш эмес, Зулайка болгондо аскада асылбайт болуучу. Эркектер аскада кополурак. Альпинисттер аялдардан болсо жакшы болмок, бирок, аялдар эркектерге караганда коркок да, ошол үчүн аял альпинисттер сейрек. А эгер табият кырсыгында аскада асылууга туура келсе, аял киши мышык сымал, тырмышып болсо да өтүп кетмек. Илбирстер, мышыктар аскадан кулабайт. Арстандар куламак. Алар эркектердей копол, олдоксон. Аялдар жеңил, тырышчаак. Мисалы, сальто жасаганда денесин жай, ыргактуу алып түшкөн эркекти көрдүңүз беле? – Жок, алар шарт-шарт. Ал эми аялдар денесин жерге жеңил алып түшүшөт.

- Мунуң туура, аялдар табият коркунучунда ийкемдүү эле эмес, чыдамкай дагы. Суукта эркектер бат эле тоңуп өлүшү мүмкүн, аялдар көбүрөөк чыдайт деп уккам. Ошентсе да өмүр менен ойноого болбойт.

- Сиз эмне мени өмүрдү баалабайт деп ойлойсузбу? Жашоону мен кандай жакшы көрөм. Ушундай керемет жашоодо өлгүм келбейт. Өлгөнгө дагы көп бар.

- Канчадасың?

- 18де.

- Накта элик жашта турбайсыңбы? Эликтей элтеңдеп турган убагың экен. Элик жашта адамдын көбү ушундай өрт болот.

- Сиз жакшы экенсиз жаш сураган. Аялдын жашын сурабайт деп коёт го. Бирок, ошол мага жакпайт. Жашты айткандын эмне уяты бар? Отуздасыңбы, отуздамын де, кырктасыңбы, кырктамын де, баары эле 18 жашта болгусу келет. Ачкөздүктүн эмне кереги бар?

- Өзүң 18де болсоң, сага азыр анын баркы жок да. Отузга чыкканда ошондо түшүнөсүң.

- Сиз канчадасыз?

- 27де.

- Мына, кандай сонун жаш. Эгер 18де болсоңуз, сүйлөшпөйт болчумун.

- Аял менен эркектин жаш табияты эки башка да.

- Мен аял болсом да, отузга чыксам да жашырбайт болчумун. Ар бир жаштын өзүнүн артыкчылыгы да, кемчилиги да бар. Мисалы, азыр мен ушул жашымда сизге каалагандай эркелеп жатам. Ошол эле учурда келесоолугуман сизди оңой эле жоготуп алышым мүмкүн. Ал эми отуз жашымда такыр башкача адам болом. Анда кимге кандай мамиле кылышты билип каласың. Эмнени сүйлөштү, эмнени сүйлөбөштү билип каласың. Мына азыр да сүйлөбөш керек болгон бир несении сүйлөп алдым.

- Ырас, сүйлөп алдың. Мага өзгөчө ошол жагып турат. Сен мени жоготуп алууну каалабаганың кандай жакшы.

- Сизге кудай бербедиби, бирок, менин интуициям айтып, атат: «ушул сөздү бекер айттың» деп.

- Кандай мааниде «бекер айттым» деп жатасың?

- А сиз кандай мааниде түшүнүп жатасыз?

- Эгер мени жакшы көрүп калган болсоң, ошону ачыкка чыгарып алганыңа өкүнүп «бекер айттым» дешиң мүмкүн.

- Ой, коюңузчу, менин андай оорум жок. Сизди жакшы көрүп калсам, жакшы көрүп калгандырмын. Болбосо, бул жерге темселеп келбейт элем да, чынбы? Анын эмнесине уялып, эмнесине өкүнмөк элем?

- Сенин таза сезиминди башкалар пайдаланып кеткенден коркпойсуңбу?

- Коркуп жашаган кузгундун иши. Мен бүркүтчө жашагым келет. Өз жашымды жашырбаган сыяктуу эле, өз сезимимден да уялбайм. «Менин атым Бурулча, Мейли көөнүң бузулса» дегенди билесизби? Башка бирөөлөрдүн көөнү бузулабы, бузулбайбы, менин сезимимден пайдаланабы, пайдаланбайбы, алардын иши, алардын проблемасы, ага башымды ооруткум келбейт.

- Бычактын мизиндей болуп өтө эле курч экенсиң.

- Бурулчадан үйрөнгөнбүз. Илгери Ысык-Көлдө Бурулча деген өрт кыз өткөн. Демек, мындай курчтук илгертен эле кыргыз кыздарынын канында болгон.

- Анда эмнеге «бекер айттым» деп өкүнүп атасың?

- Мен айткан жокмун, «интуициям айтып жатат» дедим го. Ал эми интуицияң эмне үчүн «бекер айттың» деп жатканын ар дайым эле ачык биле бербейсиң. Ачык билсем, Ванга, Нострадамус болуп кетпейинби.

- А сен дайыма интуицияңа ишенесиңби?

- Албетте, ишенем. Интуиция алдабайт. Сиз интуицияңызга маани бербейсизби?

- Маани берем.

- Анда интуицияңыз менен сүйлөшүп көрүңүзчү, кууланбай. Мени эле кечке сүйлөтө бербей.

- Укkан жакшы да.

- Анда мен да угам, болду сүйлөбөйм.

Гүлжан таарынып тултуюп отуруп калды. Темир аны күлдүргөнгө аракет кылды эле болбоду.

- Болду эми.

- Сени угуп отурган жакшы экен. Жакшы сүйлөйт экенсиң.

- Алдабаңыз.

- Алдабай эле.

Болуптур, эмнени сүйлөп берейин?

- Мени кантип күткөнүңүздү.

- Канча күткөнүмдү, кантип күткөнүмдү, өзүң көрбөдүңбү?

- Ушул элеби?

- Ушул эле.

- Жарабайт.

- Анда сенин кантип келгениңди айтып берейинби?

- Болуптур.

- Сен кечээ үйүңө бардың. Өзүң менен өзүң сүйлөштүң. Бүгүн барсамбы, барбасамбы деп ойлондуң. Анан барууну чечтиң.

- Ушул элеби? Жарабайт.

- Анда бүгүнкүсүн айтып берейин. Кечээки чечимиң боюнча бүгүн саат үч жарымда аялдамага чыктың. Себеби, ар бир нерсени так өлчөйт экенсиң. Транспорт дароо келсе, төрткө беш мүнөт калганда, кечиксе, төрттөн беш мүнөт өткөндө барам дедиң да, жолго чыктың...

- Анан...

- Анан транспорт дароо келди, аны мен текшерип турдум. Ага түшпөдүң. Экинчисине да түшпөдүң. Үчүнчү, төртүнчү, бешинчисин күткөн жокмун. Сен анда сезиминди эс алууга чыгаргансың. Жөн гана кетип аткан маршруткаларды карап да койбой телмирип отура бердиң. Анан кеч болуп калганда кокусунан эсиңе келдиң. Акыркы мүнөттөрдө чукул чечим кабыл алуу сага мүнөздүү. Андан кийинкисин күтө баштадым. Болгону бир нерсени эске албай калыпмын. Сени бет алдыдан эмес, артыман келериңди элес албапмын. Бул эми аялзатына тиешелүү логика. Туура айттымбы?

- Туптуура. Интуицияңызды чын эле угат экенсиз. Анан да сиздин мүнөзүңүз да, ой-жүгүртүүңүз да, манераларыңыз да, жада калса, ысмыңыздан бери тигил мекендеш тажикстандык кыргыздардан айырмаланып турат экен да?

- Кандайча?

- Тигилердин ысымдарынын баары башкача – Бахтыяр, Саид, Хамид, а сиздин атыңыз кыпкыргызча – Темир.

- Өзүм да кыпкыргызчамын да.

- А тигилер андай эмеспи?

- Эми ар кандай. Мисалы, Саиддин апасы тажик, Бахтыярдын чоң энеси өзбек.

- Ошондой деңиз. Баса, сизге мени Саидди жакшы көрөт деп айтышкан жок беле?

- Жок! (Темир чоочуп кетти) Мен сени көлдөн биринчи көрдүм. Бахтиярлар менен тааныш экениңди да суудан чыккандан кийин билдим. А сен эмне?...

- Коркпой эле коюңуз, Саидге менин тиешем жок. Бирок, ал өзү мени жакшы көрөт деп ойлосо керек. Себеби, аргын адамдар сулуу болушат го? Көрсө, Саид да ошондой турбайбы. Анан мен ага комплимент көп айтам да: «Мынча эмне келишимдүүсүз» деп. Анан да сулуулугун күчөтүп өтө эле ачык кийинет. Бир күнү сапсары футболка, экинчи күнү кыпкызыл футболка, кишинин көзүн күйгүзүп. Өзү да кыздарга жакын, кыздардан комплимент укканды жакшы көрөт. Тим эле сулуу жүзүнө сулуулук кошулуп, жаркырай түшөт десеңиз. Ошонусун көргүм келип эле комплимент айта берем.

- Абайласаңчы, мындай сөздөрүң мени кызгантууга аргасыз кылып жатат.

- Коюңузчу, бүркүт кооз тоту куштан өзүнө конкурент издегенден уялбайбы?

- А сен чын эле комплимент айтуунун устасы экенсиң.

Алар ошентип сүйлөшүп отургуча кеч да кирди.

Кызды үйүнө жеткирип келген жигит кеткиси келбеди. Кызды кучагына бекем кысты. Кыз да каршылык көрсөтпөдү. Кыздын бетинен, көзүнөн, мойнунан өпкүлөгөн жигит такыр токточудай эмес. Кыз дагы жигиттин кумарлуу кучагынан бошонууга такыр эрки жетпей тура берди. Алар түндүн бир оокумуна чейин бири-биринен ажырай албай отура беришти.

Акыры кыз токтоосуз жерден кош айтышты да:

- Болду, жетет! Баары бир күндө болбойт, жакшы калыңыз, – деди да жигиттин кучагынан бошоп жөнөй берди.

- Токточу, таарынгандай кете берген кантип болсун.

Кыз кайра кайрылып келди да, жигит күтпөгөн жерден бетинен өөп алып, «эми болдубу, жакшы барыңыз», – деди да чуркап үйүнө кирип кетти.

Бул түнү жигит үйүнө баргысы келбеди. Кыз менен жолугушуу кумарынан ажырай албаган ал бет келди басып кете берди. Ойлонуп келе берип канча чакырым басканын да унутуп калган экен, качан гана алдынан көл көрүнгөндө эсине келип, үйүнө эмес, көлгө келгенин түшүндү. «Ушундай да масчылык болот экен, ээ? – деди өзүнө. Ичпей туруп мас болот деген ушубу? Кайдан бул жерге келип калдым?» – деп өзүнө суроо берди да жана кыз менен коштошкон соң, үйүнө кеткиси келбей отуруп, акыры кыз экөө

таанышкан көлгө барып түнкү көлгө түшүп бир сергип алып анан кетүүнү чечкенин эстеди. Андан бери түркүн ойго чөмүлүп кеткен тура.

Аңгыча топтошкон кишилердин курчоосунда калды.

Эсине келсе, ооруканада экен. Башы таңылуу

- Мен бул жерге кандайча келип калдым? – деди жанындагы врачка

- Сизди бул жерге милиция алып келди. Таптакыр эле боевик кино болуп кеткен экен, бактыңызга жараша милициянын патрулдук бөлүгү туш болуп калып, сизди аман алып калышыптыр. Болбосо, балким, өлтүрүп салышмак. Деги бирдеме эстей аласызбы?

- Мен жалгыз болчумун. Алар көп эле. Мушташып жатканда артыман бирөө таш менен ургандай болгон. Андан аркысы... Андан аркысы эсимде жок.

- Демек, баары жайында. Эс-акылыңыз да, эске тутууңуз да ордунда экен, эми эс алыңыз.

Врач чыгып кетти. Темир окуяны эстегиче кайра уйкуга кирди. Түшүнө Гүлжан кирди. Экөө булварда басып жүрүшүптүр.

- Кечээки эле саргарып бараткан жалбыректар жапжашыл болуп кетиптир да? – дейт Темир.

- Азыр жаз эмеспи, сиз уктап калган окшойсуз.

- Чын эле азыр жаз да. Таттуу түшүнөн аны медсестра ойготту.

- Куттуктайм, эсиңизге келмек түгүл күлүп калыпсыз го. Таттуу түш көрдүңүз окшойт, ээ, жылмайып аттыңыз?

Темир унчукпай жылмайып койду.

- Жылмайган жарашат экен сизге. Ушинтип жылмайып жүрүңүз. Бул дарыларыңыз. Мунусун бир даанадан, мунусун эки даанадан эки маал ичесиз. Уколду өзүбүз убагында келип саябыз. Түшүндүңүзбү?

Темир башын ийкеген болду.

- Башыңызды ийкебеңиз, чайкабаңыз, жөн гана көзүңүз менен түшүндүрүңүз. Эмесе, жакшы калыңыз. Сакая бериңиз

Жибек Темирди күн сайын күтүп жүрдү. Эмнегедир дайын жок. Деги тынч аман-эсен үйүнө жетти бекен? – деп адегенде чоочулады. Бара-бара чоочулоосу аркандай шек саноо менен алмашып, эмне ойлорун да билбей калды. Кезектеги жекшембини чы-

дамсыздык менен күттү. Бирок, ал жешембиде катуу күн жаап, эч ким көлгө эс алууга барган жок. Кийинки жекшембини күтүү керек деди кыз. Бирок, ошол жаандан соң аба-ырайы ачылбай күз өз кезегин алганын кыз түшүндү.

Арадан эки ай өттү. Кыз түңүлө баштады. «Өтө кызыл бат оцот» дейт, мынчалык тез башталган сүйүү ошончолук тез бүтөт окшобойбу. Мунун баары кокустук беле? Ал экөөнү кокустук кошкон, кокусунан таанышкан, кокусунан...

Анан калса курбу кыздары да түркүн шумдук жоромолдорду айтып жиберишти.

- Мен анын аялы бар экенин дароо эле түшүнгөм, 27ге чыккыча текей оттоп жүрүптүрбү? – деди Жыпар.

- Анда эмнеге айткан жоксуң?

- Так билбеген соң айтып эмне кылам.

- Анда айтпа. Сен «одинокий волк» түгөйүн таптты деп балдар айтты дебедиң беле?

Айтсам эмне экен? Аялы бар түгөй издеген «одинокий волктор» азыр толтура.

- Бир чети анын келбей калганы дагы жакшы болду. Аның соо адам эмес болуучу, – деди эми Бермет.

- Аны кайдан билесиң?

- Кебетеси эле айтып турбайбы. Бетинин тырыгы анын далайды көргөн криминал экенин айтып турган.

- Силер кайдан эле бетинин тырыгын көрө каласыңар? Тааныбаган, билбеген адамыңарды кайдан эле мынча биле каласыңар?

- А сен эмне бетинин тырыгын көргөн жок белең? Даана эле көрүнүп турбайбы? Сүйүүнүн көзү жок деген ошо.

- Көргөм.

- Анан эч нерсе жөнүндө ойлогон жок белең?

- Ага анча маани деле берген эмесмин. Эркек эмес кыз бала болуп туруп мен өзүмдүн ушул убакка чейин тирүү басып жүргөнүмө кээде таң калып кетем. Ал эми эркек баланын башынан эмнелер гана өтпөйт дейсиң.

- Сенин көзүң такыр эле тумандап, башыңды жогото баштагансың. Ырас кетип калыптыр. Кайдагы бир бандитке кор болуп жүрмөксүң.

- Бандит экенин кайдан билесиң?

- Физкультурныйдын балдары бандит болбогондо, интеллигент болмок беле?

Жигит жөнүндө такыр эле оң сөз укпаган Гүлжан эми чын эле жаман ойлордон башы чыкпай калды. Бүгүн да байкеси менен жеңеси конокко кетип жалгыз ойлонуп отуруп күүгүм кирип кеткенин байкабай калды. Аңгыча эшиктин коңгуроосу шыңгырап калды. Ачса, экинчи кабатта жашаган кошунанын кичинекей баласы экен.

- Сиздин атыңыз Гүлжан, ээ?

- Ооба.

- Сыртта сизди бирөө күтүп жатат. Квартираңыздын номерин билбейт окшойт, «Гүлжан деген кыз ушул жерде жашайбы?» деп сурады. Гүлү да бар экен. Жигитиңиз окшойт.

- Тигини, өтө эле тыкылдайсың го?

Кыздын жүрөгү болк этип кетти. Ошол окшойт?

- Эмне дейин? – ойлонуп кеткен кызды жаш баланын үнү эсине келтирди

- Бара бер, «азыр чыгат экен» де.

Кыз чуркап барып терезеден төмөн жакты карады.

Чын эле Темир экен. Жаңы эле чуркап чыккан баланын сүйүнүчтүү кабары үчүн акча да берди окшойт. Колуна бирдеме тийгенге бала кудуңдаган бойдон чуркап жөнөдү. Гүлжан жанын коёрго жер таппай кайсалап калды. Күзгүгө барып өзүн иретке келтирди да, кыздардын үйрөткөн сөздөрүн ичинен бир сыйра кайталап алды. Такыр эле жанына жолотпой, айтчу сөзүн айтып, басып кетиш керек. Бирок, Темирдин кумарлуу кучагын эстегенде антүүгө эрки жетеринен шектенди. Бирок, бекем болуу керек деди өзүнө-өзү.

Жигитти көргөн кыз өзүн кармай албады. Экөө кучакташып көрүшкөн бойдон, үйдөн оолак басып кетишти. Эмнегедир Темир аппак болуп кетиптир. Бая кара тору жигит өңдөндү эле, көлгө күйүп жүргөндөн болсо керек деп койду Гүлжан өзүнчө. Жигиттин ооруканада эки ай жатканы, ошол үчүн өңүнүн кубарып кеткени жөнүндө кабары да жок эле. «Кайда жүрдүң?» – деп сурабоо жөнүндө өзүнө сөз берген. Аңгыча чын эле өзүнө сөз бергени эси-

не түшүп кетти. Жигиттин кучагынан акырын бошоду да өзүн токтоо кармаган кишиге окшоп, сөзүн жай баштады.

- Мен сизге бир нерсе айтсам, таарынбайсызбы?

- Жок, сага эч качан таарынбайм.

- Сөз бересиз?

- Сөз берем.

- Андай болсо, мени кечирип коюңуз. Мага экинчи келбеңиз.

Жигит селт эте түштү.

- Ал эмне дегениң?

- Менин күйөөм бар.

- Жинди болбочу. Антип тамашалабайт.

- Чын эле. Кааласыңыз үйгө кирип текшериңиз. Бирок, текшерүү жакшы эмесин эскертип коёюн. Ар бир эле үй-бүлө сыяктуу үйгө кирсеңиз, жаңжал чыгарын түшүнөсүз да. Анан калса, сиз эмес, менин күйөөм таяк жей турганын дагы билем. Канткен менен ал физик-интеллигент, сиздей фикультурник-чоң муштум эмес.

Темир эмне кыларын билбей калчылдап кетти. Гүлжан да Темирдин түрүнөн коркуп кетти. Бирок, сыр алдырбай сүйлөдү.

- Көрдүңүзбү? Таарынмак түгүл, калчылдап кеттиңиз.

Темир акыры өзүн карманды окшойт, саамга үнсүз турду да, капысынан күлүп жиберди.

- Эмне күлөсүз?

- Менин да аялым бар. А түгүл балам да бар.

- Көрдүңүзбү? Эми мага күнөө коюуга акыңыз да жок. Мен али балалуу болууга үлгүрө элекмин. Биздин жолугуубуз бул кокустук. Бир чо-оң, жагымдуу, бирок, аягы ачуу кокустук. Болуптур, сиз менен кокусунан жолугуп калганыма өкүнбөйм. Канткен менен сиз мага кыска бакыт тартуулай алдыңыз. Эми мындан ары менин жана өзүңүздүн үй-бүлөңүздүн тынчтыгын бузбайсыз го дейм. Кыз шарт бурулуп жөнөп кетти.

Темир бир ордуна көпкө шалдырап турду. Интеллигент имиш. Эрке кыздын эне-атасы, акыл-эси токтоло элек эселек кезинде эрди да даярдап, бир интеллигент сөрөйдү кудалап үйлөнтүп коюшса керек. Ага азоо тайдай туйлаган эрке кыз көнмөк беле? Жада калса, ал бечараны аяп да койбойт. Мен барып, анын күйөөсүн былчылдатып отурсам, ал рингде бокс

көргөнсүп «азарт!» деп кою карап отурса, ээ? Тапкан экен келесоону. Кыздын үйүнө кирип барып чаң тополоң салгысы келген оюнан кайтты. «Кажети не» деди өзүнчө. Мушташууга көңүлү чаппады. Араң калыбына келген ден соолугун бузганы аз келгенсип, күнөөсүз бир бечаранын ден соолугун да бузгандан башка эмне өзгөрмөк эле. Ал бир шок келиндин жөн гана утурумдук эрмеги болгон окшобойбу. Тагдырынан көрсүн. Ушунча да ишенчээк болобу? «Өтө кызыл бат оңот» деген ушу. Мынчалык тез конгон бакыт кушу, ошончолук тез учуп кеткенин да көтөрө билиш керек.

Ал теңселе басып баратты. Ызаланды. Ооруканадан чыкканды күн санап, саат санап күткөндөн кийинки көрөр күнү, угар сөзү ушул беле? Өмүр бою күтүп жүргөн бакыт кушу колуна конду деп канча сүйүнүп жүрдү. Бирок, кокусунан адашып конгон чоочун куш окшобойбу? «Кыз калп айтып койбосун» дегендей шектүү ойлор негедир жигиттин башына кирбеди.

Ал экөө ошол бойдон кайрадан кездешпеди. Бири-бирин унутуу канчалык кыйын болсо да, мезгил баарын дарылайт окшобойбу, алардын да жарааты эскирип, кокусунан конгон чоң бакыт кушун өздөрү кокусунан жоготуп алганын да сезишпей мезгилдин агымы менен ар бири өз жолуна түшүп өмүр кечирип кете беришти.

Кичинекей үйдөгү чоң бакыт

аңгеме

Айжан күйөөсү менен таарынышып, кызы менен баласын алып айылдагы үйүнө барган. Ата-энесин капа кылбаш үчүн балдары жайкы каникул учурунда отпускага келдик деп коюшту. Бирок, эне жүрөгү аны сезип жаттыбы, улам сурап жатты. Ага Айжан да моюн бербей, «күйөө баланын иштери жакшы, кошо келүүгө жумуштары чыгып, бошой албады» деп жооп берип жатты. Анткен менен мунусу эч нерсеге арзыбай калды. Балдары заматта «атам менен апам урушуп, биз уруксат сурабай качып келе бердик, апам бир аз атаңардан эс алып келеличи деп, атама айтпай эле келе бердик», – деп баарын ачыктап койду. Ошондо гана Айжан:

- Апа, капа болбой эле коюңуз, биздики баягы да, бир жылда бир үйдө ушундай капиталдык ремонт жүрүп турат. Бир аз бирибирибизден эс алган соң кайра эле бирге жашайбыз да. Кайда бармак элек, – деп көңүл жооткотту.

- «Андай болсо болуптур, өзүң чоңоюп, өзүң өскөн үй. Эс алсаң, эс аласың да, бирок, мен да билем, үй-бүлө чатагын. Ал жөндөн жөн эле «эс алып келейинге» жеткирбейт. Анчалык чыдай албай жатсаң, өмүр бою азап тартып, бири-бириңерди кыйнабай бир жагына чечишип албайсыңарбы?

- Апа, өзүңүз айтчы эмес белеңиз, «күйөөнүн күйөөдөй азабы бар, чыдаш керек» деп. Мындай азапка батууга өзүмдүн да күнөөм болсо керек да. Күнөө эч качан бир жактан кетпейт эмеспи. Өзүмө жараша тилеп алган азабымды өзүм көтөрөм. Минтип көтөрө албай оордук кылып баратканда бир аз эс алып алайын дейсиң да, сиз андан көрө аны атама билгизбеңиз. Ал дагы балдарды суракка алып жүрбөсүн?

- Болуптур. Андай болсо, чарба курулуштарын баштап алып таза жүдөп жаттык эле, тиги усталарга жарма жеткирип келе койчу?

Айжан барса, эки уста сарай куруп жаткан экен. Салам айтып, жармадан чоң чыныга куюп, узата бererде саамга үнсүз туруп калды. Маңдайында турган адамды ал жакшы тааный турган.

Аңгыча уста да аны таанып: «Аа, велосипедчен кыз, сен үйдө белең? Жакшы турасыңбы? Шаардан качан келдиң, карындашым?

- Жакшы, жакшы, Жанболот аке, кечээ эле келгем, сиз да бул жерде белеңиз, – деген Айжан көп сүйлөбөй жарма ичилип бүткүчө күтүп турду да акырын үйүнө жөнөдү.

Үйүнө баратып, терең ойго чөмүлүп кетти. Бул адам аны мындан он беш жыл мурунку мектептеги кезине жетелеп барды.

Анда ал мектепте комсомолдун баштапкы уюмунун секретары болуп иштей турган. Бул жумуш өзгөчө жайында кыйын. Ай сайын ар бир комсомолдон 2 тыйындан чогултушса, жайкы каникулда ар бир айга 10 тыйындан, башкача айтканда ар бир комсомолдон 3 айга 30 тыйындан чогултуу керек. Мектеп чоң болгондуктан миңден ашык баладан бир топ эле акча чогултуу керек. Класстын комсоргдору жыл аягына чыкканда ким взносту төлөсө ошолордун акчасын төгүп, калган акча бербегендердин тизмесин ага карматып коюп каникулга тарап кете берише турган. Ошону үймө-үй кыдырып өзү чогултуучу. Айыл чоң болгондуктан жөө кыдырууга мүмкүн эмес болуп, мындайда велосипед тээп жүрүп, «велосипедчен кыз» аталып кеткен. Ошондой велосипедчен жүргөн күндөрүндө ал Жанболотко жолуккан эле. Аскерден жаңы келип, дайыма гимнастеркачан жүрүүчү Жанболот кийинки күндөрү Айжанды шынаарлап калчу болгон. Эмнегедир эле айылдын кайсыл тарабынан болбосун алдынан кездешип «кандай велосипедчен карындашым?» деп салам айта берүүчү жигитке Айжан да күлө багып каршы алып: «Жакшы, гимнастеркачан аке» деп коюучу. Акыры бир күнү Жанболот ыңгайын келтирип, кыз менен жакындан таанышты. Көп өтпөй ага сезимин билдирүүгө да үлгүрдү. Буга чейин гимнастеркачан тааныш карааны көзүнө канчалык сүйкүмдүү көрүнүп жүрсө да алдыда чоң максаттары бар Айжан дароо эле ачык жообун айтып, жигиттин үмүтүн таш каптырган. Эми ошол кездеги сүйкүмдүү карааңды кайрадан бир эстей, ансыз да жараланып турган жүрөгү тыз эте түшүп, мурдагыдан да сыздап ооруп чыкты.

Үйүнө келген соң атасынан аста сурады:

- Ата, Жанболот аке бизде качантан бери уста болуп жүрөт?

- Эки жумадай болуп калды. Жакшы жигит. Колу жөндүү, ишин билген, ашыкча сүйлөбөгөн, саламы түз, абийирдүү жигит. Мындайлар азыр аз. Мурда уста салганда кайра-кайра көзөмөлдөй берип, өзүм жасагандай жүдөп кетчү элем, Жанболот келгени баарын ага ишенип таштап кетип жыргап эле калдым, - деген атасынан бир эле суроо менен ушунча жоп алууга үлгүргөнүнө кубанды. Аны улай сөзгө апасы да кошулду.

- Чын эле мындай жигит азыр өтө сейрек. Үй-бүлөсүчү. Бактылуу үй-бүлө деп ушуларды айтыш керек. Кенедей-кенедей беш кызы бар жашаялмет болсо да, түйшүк деп түйтөйбөй, бири-бирин сыйлап турушат. Биздин көчөгө тыпырайган там салып көчүп келишкен. Аялы күндө түшкү тамагын жасап келет. «Жанболотко кабатыр болбогула, үйдөн деле тамак ичет» десек болбой, күндө же аялы өзү келет, же кичинекей кыздарынан көтөртүп жиберет. Кыздары да тим эле атасына ынак, бойтоюп, бойтоюп ээрчишип келип, атасына бир сыйра эркелеп кетишет. Ана карабайсыңбы, дагы келатат, – деген апасы көчө жакты карап калды.

Аңгыча чын эле кичинекей 5-6-7 жаштар чамасындагы үч кичинекей кыз бойтоюп ээрчишип келип, жарыша салам беришти да, короонун аркасына атасын көздөй жөнөштү.

Бир аздан кийин үч кыз кайрадан бошогон идиштерин көтөрүп, дагы : «Жакшы калыңыздар, чоң ата, чоң апа» деп жарыша коштошуп жөнөй беришти. Айжандын апасы менен атасы кичинекей кыздарды алкай узатып кала беришти. Бир убакта бир топ жерге барып калган кыздардын кичүүсү кайра артка келди да атасына кайрылып:

- Чоң ата, сиздин Айжан деген кызыңыз кана, мен таанышсам болобу? – деп сурап калды.

Кипкичинекей тирикарак кыздын тартынбай келип шакылдап сүйлөп турганына баары күлүп жибериштн. Аңгыча Айжан кызды үйгө жетелей, үйдөн момпосуй карматып сурады:

- Эми таанышалы. Менин атым Айжан, а сенин атыңчы?

- Менин да атым Айжан.

Айжан күтүлбөгөн бул жоопко алдастай түштү да, жүрөгү дагы тыз дей түшкөнүн байкады. Кайрадан бир кездеги гимна-

стеркачан жигиттин сүйкүмдүү карааны көз алдына тартыла түштү.

- Жакшы кыз турбайсыңбы, Айжан, эми жакшы тааныш болуп жүрөлү, ээ, а сен эмнеге мени менен таанышам дедиң?

- Жана атама барганда чоң атаңдардын үйүндө Айжан деген шаардан кызы келди. Ал шаарда жакшы жерде, газетада иштейт. Силер жакшы окусаңар ошол эжеңердей жакшы жерде иштейсиңер, – деди. Анан мен сиз менен таанышайын деп ойлодум. Менин атым да Айжан, мен да сиздей жакшы окуйм. Сиз менен таанышып, сиздей болсом деп атайын эжелеримен калып калдым.

- Сен кичинекей болгон менен кыйын кыз турбайсыңбы, канча жаштасың?

- 5 те. Бирок, быйыл мектепке барам. Апам: «кичинекейсиң, эмки жылы барасың» деп жатат. Бирок, мен: «барам» деп жатам. Эки эжем мектепке барат. Алардан окуганды жазганды үйрөндүм. Атам: «окуганды, жазганды үйрөнсөң барасың» деген, мен окуганды, жазганды үйрөнбөдүмбү, эми барам да, ээ, эже?

- Сен чын эле жазганды билесиңби. Анда мынабул баракка жазчы, – деп Айжан сумкасынан ручка, барак алып чыгып, кызга сунду.

Кыз тыпыйган колдоруна ручканы эптүү кармап баракка: «Жанболот кызы Айжан» деп али мектепке бара элек болсо да бир ката кетирбей жазды. Айжан кыздын аты-жөнү жазылган жерди төрт буручтуу кылып кайчы менен кести да арт жагына «Бактылуу бол, кичинекейим! Айжан кызга Айжан эжесинен» деген жазууларды жазды да сумкасынан бейжик алып чыгып, төрт бурчтуу кагазды бейжикке кийгизип, кыздын мойнуна тагып, ручканы бейжикке кыстарды да: «Эми ушуну менден эстелик кылып ала жүр, ээ» деп кызды узатып койду.

Эртесе, жумуштар менен райондун борборуна жөнөп кеткен. Түштө келсе, аны үйдө чоочун аял күтүп туруптур. Өзүн таанышстырган соң, кызына берген белеги үчүн ыраазычылык айтып, бүгүн кечте конок болуп кетүүсүн өтүндү. Айжан эмне дээрин билбей кармала түштү да, келиндин дагы суранганын кыя албай макул болду. Айжан Жанболоттун үйүнө барып, конок болуп отуруп, ата-энесинин ал жөнүндө айткандарына ынанды. Бул кипки-

чинекей үч бөлмөлүү үйдө чын эле башкача бир ынтымак менен ырыскынын илеби уруп турат экен. Жарыша салам айтышкан кичипейил кичинекей кыздар адегенде эле кичинекей бөлмөлөрдүн чоң экскурсоводдору болуп кетишти. Айжанды сабак жазган столуна алып барышып, мектептеги ийгиликтери жөнүндө мактана башташты. Кечээки берген бейжикти дагы көргөзүштү. Ал бейжик открытка салчу колдон жасалган кооз үкөкчөдө экен. Аны кыздардын улуусу Чынара өз колу менен жасаганын мактана кетти. Ичинде толтура открыткалар. 8-мартка «Сүйүктүү апама», 23-февраль «Сүйүктүү атама» деген открыткалардын бир нечеси жүрөт. Айжан мындай открыткаларды баласы менен кызы күйөөсү экөөнө да далай белек кылышканын эстеди. Бирок, эмне үчүн биз булардай ынтымактуу эмеспиз – деп ойлоду. Бул үйдөгү ынтымактын, бакыттын жылуу илеби аны ушунчалык суктандырып турду. Ушунча кичинекей үйдө ушунча чоң бакыт бар экенине ынанып отурган ал тамак ичип узагыча күн кечтеп кетти. Шаардагы ченем менен эсептегенде бир аялдамалык аралыкка Айжан өзү деле кетип калмак болгондо үйдүн кожойкеси Калбү: «Ошондой да болчу беле, сизди Жанболот жеткирип коёт» деп сылык коштошуп кала берди. Айжан менен Жанболот жолдо сүйлөшүп баратышты.

- Келинчегиңиз абдан мыкты жан экен. Мындайды кайдан таап алгансыз?

Жигит суроону суроо менен кабыл алды:

- Билесиңби, мен сага сөз айтканда, сен тыкылдап каршы болуп, мен шаабайым сууп отуруп калганда, «капа болбоңуз аке, сиз кайсыл кызды болсо да бактылуу кыла аласыз» деп жооп бергенсиң.

- Ошенттим беле? Эсимде жок. Бирок, азыр таң калып жатам. Ошондо бул сөздү эмнеге негиздеп айтканым эсимде жок. Мектепте окуган кичинекей кезимде ойлонбой, түшүнбөй айткан сөзүм азыркы акылым менен алганда абдан туура айтылган экен. Сиз чын эле кандай кыз, кандай адам болсо да бактылуу кыла алат экенсиз. Карачы кыздарыңыз менен келинчегиңизди кошкондо бир эмес алты кызды бактылуу кылып жатасыз. Кээ бирөөлөр алты эмес бир кызды бактылуу кылганга жарабайт. А түгүл кызды бала катары көрбөй эркек самаган ата сөрөйлөр канча.

- Буга келинчегим да кыйнала берет. «Мен сага бир эркек төрөп бере албадым» деп жатып үйлөнгөнүбүзгө 9 жыл болду, 5 кыздуу болгонго үлгүрдүк. «Үйүбүз тар болсо, жаныңды кыйнап, мынча эмне кыйналасың. Эркек жыргатып жатыптырбы, мага ушунусу жетет» десем да болбойт. «Анда, болуптур, 10 кыз төрө. Он эсе бактылуу болоюн» десем, мага ишенбей карап, таң калат. Чын эле ишенбейт окшойт, бактылуу экениме. Карачы, кандай жакшынакай кыздарым, жакшынакай келинчегим бар. Мага мындан ашыктын кереги деле жок. Үйдү чоңойтуп алсам, кыздарыма шарт түзүп , ушуларым бактылуу болсо болду.

- Үйдү чоңойтуш сизге кыйын деле болбосо керек. Колуңуз жөндөмдүү турбайбы, баарын өз колуңуз менен жасап аласыз да.

- Эми ал да акырындап болор. Бизди эле айта бердик го. Өзүң кандайсың? Күйөө бала кандай?

- Кудайга шүгүр... А сиз айтыңызчы, ушундай бактылуу үйбүлө куруш үчүн эмне кылыш керек?

- Билбейм, биз өзүбүз үчүн гана бактылуубуз го дечүмүн. Сага да ошондой сезилдиби?

- Ооба, көз тийбесин.

- Билбейм, ал Калбүгө байланыштуу го. Мени өзүң билесиң, жумшакмын. Бирөөгө, өзгөчө аялзатына катуу айта албаймын. Башка бирөө болгондо жумшактыгыман пайдаланып, чокума чыгып алып, топташ ойномок. Калбү антпейт. Канчалык жумшак болсом, ошончолук сыйлап турат.

Аңгыча Айжан үйүнө жете келип, сөздөрүн үзүштү да кош айтышып кала беришти.

Жүрөгү жараланып турган Айжан өзүнчө калганда дагы терең ойго батты. «Жумшак адамдар кандай жакшы», – деди өзүнчө. Азыр ал турмуштун катуу сыноосунан муздап, жумшак мамилеге, жагымдуу сөзгө, жылуу мээримге суусап турган эле. Аны ойлогондо жүрөгү ого бетер мыкчылып, көзү жашка суулануп чыкты. Бир кездеги гимнастеркачан сүйкүмдүү жигиттин элеси көз алдына кайрадан тартылды. «Эх, мен...» деп катуу үшкүрүнүп алды. Чоң максаттар... Чоң максаттар, чоң бакыт алып келеби? Чоң бакыт кичинекей үйгө эле бата турган болсо, чоң жолго чыгуунун кажети бар беле?..

Сапарлаш

аңгеме

Сапардын 8 саатка созуларына карабай айдоочу каалоочулардын баарын толтуруп алган эле. Автобус жөнөгөнү калганда Жибек жанындагы Венерага 8 саат туруп барууга мүмкүн эмесин айтып түшүп калууну сурады эле, анысы көнбөдү. Айдоочу шаардан бир аз узаган соң, ортодогу туруп тургандарга эки катардан бириккен жерлерине тактай коюп 4 кишиге орун жасап берди. Алты адам орун алган соң айдоочунун жанында турган Жибек менен Венера дагы орунсуз калышты. Бул кыздар шаарга окууга тапшырганы барып, бири окууга өтүп, бири окуудан кулагандан кийин айылына кайтышкан классташ кыздар эле. Эртеден бери кыдырманын баарын кыдырып, автобуста да туруп келатып буттары талыган кыздарга эми сороюп экөө эле жалгыз калгандары кошумча ыңгайсыздыкты жаратып, Жибек Венерага кайрылды:

- Жана эле айттым эле го, түшүп калалы деп. Эки саатка киши чыдай албайт, эми 8 саат кантип чыдайбыз?

- Менин да бутум уюп кетти. Чынында 8 саат чыдабашыбызды мен деле билгем. Бирок, жалаң жаштар турбайбызбы, орун бошотушуп, алмашып барабыз го дегем. Кыздар болбосо да балдар кантип орун бошотушпасын, – деди Венера.

Аңгыча алдырак жакта отурган эки жигит өз ара кобурашып калышты

- Эсен, тур, кыздарга орун бошотуп берели?

- Жок, эй. Бул жер деген алыс сапар. Шаардын автобус, тролейбусу эмес джентельмендик көрсөтө турган.

- Джентельмен болуш үчүн эмес, жөн эле уят го кыздарды тургузуп коюп токсондогу чалдай отуруп алыш.

- Жан керек болсо, токсондогу чал болосуң да.

- Туруп койсоң, жаның чыгып кетчүдөй сүйлөйсүң да.

- Эмне эле мага жабышып калдың, досум. Тургуң келсе, өзүң тура бер.

- Өзүм тургандан качкан жокмун. Мен орун бошотуп эле берем. Бирок, эки кыз жалгыз туруп калганга ыңгайсыз болуп атат,

жалгыз кыз туруп калганы андан бетер ыңгайсыз да. А сен экөөбүз бири-бирибизге эрмек болобуз.

- Менден алты жылдан бери тажаган жоксуңбу? Андан көрө кыз менен сүйлөшүп турган кызыктуу да. Менин жаныма да бирөө келип отурса мага да кызыктуу.

- Сага кеп өтпөйт го, – деген жигит ордунан турду да кыздардын бирөөсүн бошогон орунга отуруп алуусун өтүндү. Буттары уюп араң турган Венера бошогон орунга лып отура калды да, Жибекке алдыма отуруп ал деп, экөө бир азга кысылып отуруп барышты. Бирөөнүн алдына отургандан кысылган Жибек бир убакта ордунан турду да «мен туруп эле алайынчы» деп жана эле орун бошоткон жигитке катарлаш туруп калды. Ал аңгыча автобустун ичиндеги жаштар улам кужулдап сүйлөшүп отурушуп, бара-бара ырга өтүшүп, кичинекей автобустун ичи заматта базарга айланып кеткенсиди. Жанатан бери унчукпай келаткан жигит да кызды сөзгө тартып, бири шаарга окууга тапшырганы келип айлына кайтып жатканын айтып, бири армиядан кийин Россияда иштеп кала берип, Кыргызстанды алты жылдан бери биринчи көрүп жатканын айтып сөз башталып кетти. Аңгыча арттагылардын ырлары катуулап, шаңкылдаган каткырык коштолуп, экөө ал жакка көңүл буруп калышты. Мындай таң-тамашаны жактырган Эсен заматта арт жактагы унчукпай келаткан боз баланы улуулугуна салып сурап сурабай эле өз ордуна отургузду да, өзү саймерденчилердин катарын толуктап, бат эле күрү-күүгө кошулуп кетти.

- Досуңуз ордунан козголгондон эринип жатты эле, заматта шайдоот боло түштү го?

- Сен таарынып калдың окшойт, ээ, таарынба. Өзү бирок, жакшы эле жигит. Экөөбүз 6 жыл бир туугандай болуп калдык. Көрдүңбү, заматта көңүл буруунун борборуна айланып, кыздардын баарын өзүнө көңүл бурдурганга жетишкенин.

- Ооба, көрүп турам сулуу жигит экенин. Анысына кошулуп шайыр да турбайбы. Бирок, мындайды айдай чырайын, иттей жоругу бузат деп койчу беле?

- Сен дагы эле таарынып атасың, ээ? Менин досума таарынбачы. Антсең, мен дагы сенин курбуңду таарынтам. Чыным айтсам, орунду курбуңа эмес, сага бошотком.

- Демек, киши тандайт экенсиз да. Кайсыл бир кызыкчылыктан улам орун бошоттум деңизчи. Жөн эле, адамды карабай туруп жакшылык кылса болбойбу?

- Ушундай кыз экениңди билгем. Бир чети мунусу да жакшы болду. Эгер сен отуруп алганда мен сени менен минтип сүйлөшө албай калат болчумун да. Анда курбу кызың менен сүйлөшүүгө туура келмек.

- Ал эмне бокочо бекен? Ал деле мендей.

- Өзүң жөнүндө жакшы сөз айтса тетириленип кетмейиң бар экен да.

- А сиз андай эмессизби?

- Жок, мен жөнүндө жакшы пикир айтчы, сүйүнүп эле калайын.

- Жакшы, жаман экениңизди кайдан билейин, бирок, тиги досуңузга караганда түзүк экениңиз чындык.

- Ага асылбай сүйлөчү.

- Көрдүңүзбү, сизге деле жаккан жок. Сиз мен жөнүндө жакшы айткан жоксуз, курбум жөнүндө жаман айттыңыз. Сиз менин курбумду четке кагып туруп, ошонун эсебинен мени көтөрмөлөп жатпайсызбы. Өзүңүзгө да ошондой мамиле кылдым эле, көрдүңүзбү, жаккан жок.

- А сен акылдуу экенсиң. Таап айттың. Болуптур экөөбүз тең досторубузду жамандабайлы, ээ?

- Макул.

- Бүгүн центрде болосуңбу, же дароо айлыңа кетесиңби?

- Кеч болуп кетти го. Бүгүн бул жакта эле болобуз.

- Биз дегениң ким.

- Венера экөөбүз.

- Анда кечинде концертке барып келбейлиби, курбуң менен чогуу, мен да досумду алып алам.

- Бара албайбыз го.

- Эмнеге?

- Биринчиден сиздерди жакшы тааныбайбыз, экинчиден шаардан келе калып эле үйгө отурбай концертке барам деп таежеме кантип айтам?

- Таежең кайсыл жерде жашайт?

- Аны айталбайм, кечирип коюуңуз, өзүм сый болгон адамдардын даректерин чоочун адамдарга бере албайм.

- Анда, өзүң бил. Бирок, жакшы концерт болот деп жатышат. Малик Аликеев деген бала чыгыптыр го. Ошонун Түгөлбай Казаков менен бирге концерти жүрүп жатыптыр.

- Жакшы экен. Малик Аликеев жаңы чыкты го, сиз алты жылдан бери Кыргызстанда боло элек болсоңуз, кайдан билдиңиз?

- Балдар айтышты. Ал эми Казаковдун ырларын башынан эле жакшы көрөм.

- Мен да.

- Анда таежеңен суранып барып келбейсиңби?

- Жок.

- Эмнеге?

- Ошого.

Аңгыча Венера ордунан туруп келип, «эми сен эс ал» деп Жибекти ордуна жиберди.

Жибек орундукка отурган соң, уюган буту жыргай эле түшкөнсүдү. Бирок, эми аны башка түйшүк басканын билди. Ал азыр эле сүйлөшүп турган жигиттен алыстай түшкөн өкүнүч эле. Жигит бул жолу курбусу Венера менен сүйлөшүп келатты. Автобустагы бака-шакадан улам Жибек ал экөөнүн эмне жөнүндө сүйлөшүп бараткандын укпаган жок. Жаңы эле таанышканына карабай негедир Жибек ага көнө түшүптүр. Көнмөк түгүл ичи ачыша ал жигитти курбусунан кызганып жатканын да сезди.

Кызык, эмне жөнүндө сүйлөшүп жатышты экен? Узун жолду кыскартыш үчүн ким менен сүйлөшсө да баары бир эмеспи. Иши кылып алаксыш керек болгондур. Балким, «ырас болбодубу, сенин туруп келгениң. Курбу кызың орой неме экен», дегендир.

Аңгыча алиги жигит Жибекти карады. Көздөр чагылыша түштү. Жигит «жакшы эс алып калдыңбы» дегендей көз караш менен жылмая карады да, кайра сөзгө алаксып кетти. Жибектин бүткөн боюн жылуулук аралай, эмелеки жылмайган көз караш жан дүйнөсүнө жарык чача аралап өткөнсүдү. Көкүрөгү башкача бир сезимдерге толкуп чыгып, жаңы эле таанышкан (а түгүл тааныша да элек. Экөө бири-биринин ысмын сурашкан эмес) бул жигит анын сезимине оңой эмес бүлүк салганын түшүндү.

Автобус токтоп жүргүнчүлөр топурап түшө баштады. Жибек да бир колуна сумкасын, бир колу менен автобустун тирөөчтөрүн кармай эшик жакка илгериледи. Капысынан тирөөчтү кармап турган колун бошотпой бирөөнүн катуу кыса кармаганан улам башын көтөрсө, алиги жигит экен. Жанатан бери сезимине от жандырып, көңүлүн көктөмгө айланткан жигиттин колунан өткөн оттун табы Жибектин бүтүндөй денесин аралап өтүп, бүткөн бою албырып чыкты. Жигит бир топко кыздын колун кыса, коё бербей кармап турду да, экинчи колу менен сумкасын көтөрүшүп коёрун суранды. Жибек унчукпай сумкасын сунду да жерге түштү. Жерде аны таежеси тосуп турган экен.

Орто жашка барып калган бул таеже өтө так жүргөн, бир аз каардуу дегидей жан эле. Кыз шашкалактай жигиттин колунан сумкасын алды да «рахмат» деп кыска жооп берип, таежеси менен учурашып калды. Жигит кызды саамга карап турду да, «жүр кеттик» деп шаштырган досунун артынан жөнөдү.

- Силердин келатканыңарды угуп, вокзалга кайрыла кетейин дедим, – деди таеже.

- Үйдө эле убара болбой отура берсеңиз болмок экен. Венера экөөбүз өзүбүз эле бармакпыз.

- Жумушка кетип аттым эле. Ачкычты да таштабай келе берипмин. Бүгүн үйдө болбойм, түнкү смендемин. Өзүңөр үйгө барып, эс алып, муздаткычта тамак бар, жылытып ичип, отуруп тургула. Мен эртең саат тогузда үйгө барып калам.

Жибек Венера экөө таеже менен бир топко ал-жай сурашып, ачкычты алган соң, таеженин үйүнө жөнөштү. Жайдын күнү күн узак. Экөө келери менен жуунуп, тамак жылытып ичишкен соң, ысыкта үйдө кысылбай деп, короого чыгып, скамейкага отура кетишти. Аңгыча «жанагы балдар» деди Венера. Жибек ага чейин эле батыра албаган сезимин курбусуна айтып, бир топ божурап алган эле. Жигитти көрөр менен араң турган жаны кайрадан алоолонгон жалынга чулганып, бети ысып чыкты.

- Жүр, жолугабыз, – деди Венера.

- Жок, жок, – Жибек жанталаша Венеранын колунан тартып, «сүйлөбө, байкап калат» дегендей оозун басты. 50 метрдей ары жайгашкан жол менен өтүп бараткан балдар кыздарды байкабай беймарал өтүп кетишти.

- Жинди, го. Эмнеге оозум бастың? Баятан бери «ушу бойдон көрбөй калсам эмне болот, атын да сурабаптырмын» деген ким эле?

- Ошентсе эле алдынан тосуп чыгыш керек бекен?

- Тосуп чыкпаганда эмне кыласың, жакшылап таанышат элең да.

- Чынын айтсам уялдымбы, корктумбу, билбейм. Жана автобустан кантип тартынбай сүйлөшүп келгениме таң калып атам. Азыр, жок, чыдай албайм, сүйлөшкөнгө. Мындай акыбалым менен аны менен сүйлөшкүм келген жок. Жакшы көрүп калганымды билип калса, жаман болот го.

- Жаман болбойт. Ал деле сага кайдыгер эмес, экөөбүз сен жөнүндө эле сүйлөшүп келгенибизди айттым го.

- Ошентсе деле, азыр корком.

Кыздар бир топко чейин узап кеткен балдар жөнүндө сүйлөшүп отурушту. Жибек бул түнү уктай алган жок. Эмелеки жигит эсине түшүп, анын ар бир айткан сөзү кулагынан кетпей, кайра-кайра эстеп жатты. Өзгөчө анын жылмая башын ийкей караганы менен кыздын колун кыса бир топко бошотпой кармап карап турган элеси улам көз алдына келе берди. Бир аз эле сүйлөшүп, аты-жөнүн сурашууга үлгүрбөгөн жөн гана көп сапарлаштын бири болуп калчу адамдын мынчалык күчтүү отко саларын ойлобоптур.

Кийинки жылы Жибек эжеси экөө каникулу бүтүп, кайра шаарга жөнөп жатышкан эле. Аңгыча эжеси экөөнүн жанына «саламатсыздарбы?» деп бир жигит шартылдай басып келди да, Жибекке: «Сени менен бир аз сүйлөшө турган сөз бар эле» деп мурдатан тааныштай колун берип учурашты да, эжесине: «Сиз каршы болбосоңуз» деп кошумчалап койду. Эжеси: «Болуптур» деп басып кетти.

- Мени тааныбайсың го, ээ. Анда таанышып алалы, Атым Эсен. Былтыр шаардан бир автобуста келгенбиз, эстеген жоксуңбу?

- Эстегидей тааныш болгон эмеспиз да.

- Ооба, таанышкан эмеспиз. Бирок, бир досум сени унутпагыдай эстеп калыптыр. Ал эмес, мен издегидей болуп калдым.

- Кандайча?

- Кандайча экенин кайдан билем, анын анчалык болорун билсем, ошондо эле силерди күтүп туруп, жакшылап таанышып алсак болмок экен. Жада калса, бүгүн да сени эстегенбиз. «Бүгүн жолугарымды сезип атам» деп, эртең менен мени менен бирге келмек да болгон, кашайып мен «сен бир жылдан бери сезип эле келатасың» деп шылдыңдап айнытып койбодум беле, каа-п. Баса, ошол силер менен Фрунзеден келген күнү концертке барганбыз. Жолугабыз деп. Атыңды да сурап албаптыр да. Түгөлбай Казаковдун ырларын жакшы көрөм деген, балким концертке барат, деп мени да жетелеп..., бирок, барбадыңар го?

- Үйдө сурана турган эч ким жок. Айтпай дебей эле, кетип калалбадык.

- Кызыксыңар го, эч ким жок болсо, өзүңөр билбейт белеңер. Же автобуста туруп келгенге чарчап уктап калдыңар го, ээ?

- Жок, уктаган жокпуз. Үйдө жалгыз зеригип, түнкү үчкө чейин короодо скамейкада сүйлөшүп отурганбыз. Баса, биз силерди көргөнбүз. Концертке баратканыңарды да, кайра келатканыңарды да. Комсомолская көчөсү менен өттүңөр беле?

- Ооба, ал көчөдө менин акем турат. Ал күнү ошолордукунда болгонбуз.

- Кайсыл үйдө?

- № 74төө.

- Биз ошол үйдөн 500 метр аралыктагы үйдө болгонбуз.

- Мына кызык, тамаша. Жаныбызда турган кишилерди концерттен издеп убара болгон турбайбызбы.

- Убара болгон жоксуңар, концерт көрүп келдиңер да.

- Кайдагы көргөн, силерди издеп карай берип, мойнубуз үзүлүп кала жаздады.

Аңгыча, «жүр кеттик, такси күтүп калды» деп Жибектин эжеси шашып чуркап келди. Жибек Эсен менен чала коштошуп жөнөй берди. «Түй, ата, дагы атын сурап калбаптырмын, аа» деди Эсен кыз таксиге түшүп жөнөй бергенде. «Ушунча божурап, досунун атын айтпады го», – деди кыз дагы узай бергенде. Кыз жигиттин атын билбеген бойдон «сапарлаш» деп гана эстеп жүрөрүн, жигит да досунун акесинин үйүнүн төрт тарабынан 500 метр үйдү канчалык издебесин кыз ага «сапарлаш» бойдон гана каларын ал кезде экөө тең ойлой элек эле.

Тикенек гүлү

бул аңгемемди 20 жылдык бүтүрүү кечебизге арнадым

Тикенектин өз аты Тилек. Тикенек деп аны бир кыз айтып калды. Ата-энесинин ак тилек менен койгон Тилек аты Тикенек атка конгондон далай жыл мурун эле өчкөн. Ошол кезде эле анын «ок жылан», «кичинекей желмогуз», «шайтанча» өңдүү түрдүү аты боло турган. Ал наристе кезинен ашкан тентек чыкты. Баладан башкача тентек бул баланын жоруктарын айылдагылар жомок кылып айтышчу болду. Коңшу колоңдун тооторун кукулдата жумуртка жыйнап, алар менен өтүп бараткан машиналарды койгулайт. Кычыраган кышта так маңдайга урулган жумуртка дароо тоңуп, алды жак көрүнбөй канча машина ала салды. Айдоочулар атасына даттанып келишсе, анда да жөн калбай үйгө кирген айдоочунун ботинкасына клей төгүп, эшикте машинасынын дөңгөлөгүн жарып, же дагы бир жерин бузуп, айтор жабырлануучу айдоочу дагы далай жеринен жабырланганын көрүп бул үйдөн кеткиче шашчу. Мындай ыңгайсыз коноктордон тажаган ата-энеси аягында: «Билбейбиз, билгибиз да келбейтке» өтүштү. Же колдон суурулган тентек карматсачы. Кармасаң да, бакырып өкүрүп, тиштегилеп жатып каягынан кантип кутулуп кеткенин билбейсиң. Анан калса, бет келген киши менен чоң экен кичине экен дебей колуна эмне келсе, ошону менен коёт. Үйүнүн жанынан өйдө өткөн кишини өйдө 100 метр, ылдый өткөндү ылдый 100 метр таш менен кубаламай адаты. Айылдыктар баланчанын кабанак дөбөтү бар, үйүн айланып өткүлө дегендей эле бала-чакасын улам эскертип турушат. Айласы кеткен ата-энеси «кичинесинде тентек болсо, чоңойгондо аябай токтолот» деп өздөрүн соороткондон башка арга табалбады. Ал эми «ок жылан» чоңойгон сайын күчөп, мурда жумуртка менен машина ургулаган тентек болсо, эми жүрүп бараткан машинага жабыша калып ичиндегилерди түшүрүп алчу чоң жинди-каракчыга айланды. Ансыз да Ош-Фрунзе кан жолунун боюндагы бул Торкен айылы илгертен айдоочулардын кооптуу чекити эле. Эми мындай коогалаңдуу айыл Ок жыланга куп жараште да калды. Түнкүсүн жортуулга чыкканга ыраазы болбой

чак түштө машинага чап салчу болгон. Анткен менен түшүрүп алган буюмдарына кызыкчу эмес. Аны түшүрүп алган дүйнө эмес, «каректап алуу кумары» кызыктырчу. Баланын тентектигине кээ бирлер «бул балаң башкача» деп таң калышса, кээ бири Адылды кадимкидей тилдешет. «Балага ата-эненин тарбиясы жетишпейт. Айтканы менен болуп алчактатып коюшкан да. Мага беришсинчи, бул суу тентекти бир айда жүгүнүп кирип, жүгүнүп чыга тургандай кылайын» деп кыйынсынгандар да бар. Акыры тажаганда Адыл ошондой кереэздонгондордун бири Асанбек деген кишиге «ал баланы, кыйын болсоң тарбиялап көр, сөөгү меники, эти сеники» деп кармата берди. Асанбек айылда оокаттуу адам эле. Бул дүйнөсүн кайтартуу үчүн, бир чети сүр болсун деп шаардан породалуу ит сатып алган. Анысы ажаандыгынан дайым байланып турат. Асанбек баланы алдап үйүнө ээрчитип келип иш жасатмакчы болду эле, бала кыймылдап койбоду. «Муну коркутуп койбосом, бирдеме болсо, ажыратып алармын» деген Асанбек ажаан итин балага агытып жиберди. Арсылдап келип түз беттен алган килейген дөбөттүн оозуна колун сала койгон Ок жылан заматта ит менен кошо жыгылды. «Эмне болду, кокуй күн, кантип бошонуп кетти экен» деп жетип келген ээсине бала каруусуна чейин салып жиберген колун иттин оозунан сууруп чыгып, канжалаган колу менен тап берип: «Өлтүрөм, эшек, итиңди атайылап агыттыңбы?» деп тура келди эле баланын жаалынан жалтанган Асанбек актанып сүйлөп үйүнө кире качты. Жаалданган бала аны кубалап барып, тополоң салмакчы болду эле, колунан аккан кан токтобой үйүнө кайра тартууга аргасыз болду. Бара жатып үйдүн терезесин талкалай чаап: «Сен мени итиңе талатып өлтүрмөк болгон экенсиң да, эми өзүңдү өлтүрөм, ага чейин өлгөн итиңди көмүп ал» деп бара жатып, иттин өлгөнүн текшере тээп өттү. Ит өлүп калган эле. Баланын тамагына чейин салган муштуму иттин кокосун жарып кеткен. Ушул окуядан кийин айылдыктар жандарынан түңүлүп ок жыланды талкуулаганды да, Адылга акыл үйрөткөндү да коюшту. Ал эми Асанбек жанындай көргөн итинен ажыраганы аз келгенсип, баланын өмүрү менен ойногон күнөөсү үчүн козусун көтөрүп келип, Адылдан да, Ок жылandan да кечирим сурап жатып арак кутулду.Ок жыланга бул окуя оң колунун каруу сөөгүнө доо кетип айыккыча сол колу менен жумуш жасап жүрүп, бир башына тол-

тура ысымдарына «сологой» деген жаңы аталыш кошкону болбосо, Асанбек айтмакчы, «жүгүнүп кирип, жүгүнүп чыкчудай» шайтаны күбүлүп калбады. Күбүлмөк түгүл жерге сууга батпай жүрүп 15 жашында бирөөнү катуу сабап салып кесилип кеткен. Жашы жеткиче 3 жылын балдар колониясында өткөрмөк. Бирок, ооруканалап жүрүп көр оозунан калган курмандыгынын тирүү калганы себеп болдубу, же Адылдын акчасы жардам бердиби, минтип бир жылда бошоп келди. Ал жактан деле оңолбоптур. Кайра пейили бузулуп, «зек» аталып, баардык жакшы нерселерге тетири мамиле жасоочу болуптур. Жакшы окуган балдар, сулуу кыздарды көрсө итатайы тутулуп сабап жибергенден кайра тартпайт. Же кыз экен деп аябайт. Тескерисинче, «кыздардын эки жаны болот, бири өлсө экинчиси бар» деп коёт. Анан калса, колу кол эмес эле коргошун. Ушу кичинекей немеде кайдагы күч деп таң калгандар мындан көп. Же спорт менен машыкпайт. «Сенде энергия күчтүү, машыксаң чемпион болосуң» деп мамиле түзгүсү келген дене тарбиядан берген агайынын сабагына да оңдуу катышпай: «Алдагы маскарапоздоруңду машыктыра бер, спортсмендерди жинимдей көрөм» деп моюн толгоп койгон. А балким агайынын машыктырганынан намыстангандыр. «Чурка!, отур!, тур!» деген командага көнө турган дил анда жок болуучу. Суурулган балдар менен сулуу кыздардын мокочосуна айланган Ок жылан минтип «зек» атка конуп, эки эсе үрөй учуруп турганда жалгыз жиндини ой-боюна койбой балдар өз атаманы кылып шайлап алышты. Башынан көпчүлүк менен бийликке табити тарта бербеген Ок жылан: «Аныңардын мага эмне кереги бар» деди эле, балдар: «Жай келди, жакында чөпкө барабыз, коңшу мектептин балдары келип бирден сабап кеткиче, баарыбыз биригип бир атаман шайлайлы. Андай башчыга сенден өтөрү болобу? Бир топ атың таанылып калды. Өзүң да эч нерседен коркпойсуң. А биз сенин каалаганыңа көнүп баш ийип беребиз» дешти. Анда Ок жылан: «Эмнеси бар экен, болсо болом. Өз башыңарга өзүңөр ээ болбой, бирөө башыңардан басып турганды каалап жатсаңар, өз убалыңар өзүңөргө. Ал эми коңшу мектептин балдары келип көрсүнчү» деп ызырынып койду. Ушул эле керек болгон балдар Ок жыландын көзү менен тегеренип, жандап басып калышты. «Зек» болуп келгенден бери сулуу кыз көрсө жини кайнап кетчү баланын бутасына бул жолу Диля

илинип калгандай. Анан калса, ал келгени «Ок жылан», «Шайтан», «Зек» аттуу сүрдүү аттары унутулуп, ушул кыз койгон «Тикенек» аты көп айтылчу болду. Жакында эле шаардан келген бул кыз аз эле убакта таанылып, кыздардын оозунан кетпес ушак, балдардын көңүлүнөн кетпес тузак болду.

Жүргөн турганы шаардык кыздарга окшогон кызга бул кыргызча өөн учураган ысмы куп жарашчу. «Калпычы, атың Дилбар турбайбы» деп жөөлөп өткөн жаңы классташын адегенде эле Ок жылан, – Сен Ди-ля болсоң сенин атыңа дагы толтура «ля-ля- ларды» кошуп айттыра турган Зек менмин. Кыз таң кала карап калганда жанындагы кыздар сүйрөп жөнөшкөн. «Кокуй бул Зекке сөз кайтарба. Бөөдө өлтүрөт. Анын үстүнө сулуу кыздарды көргөндө ушинтип кучунашы кармай берет. Эми оолак жүрбөсөң балээге калганың ошол. Тим эле кудайыңды көзүнө көрсөтөт деп дагы шумдук нерселерди айтышкан. Тайманууу дегенди билбеген бул кыз дилинде жүрөгү тирилип турса да кыздарга кошулган болуп унчукпаган. «Тийишсе көрөрмүн», – деген шок дили. Бирок, Тикенек тийишмек түгүл аны көргөндө көзүн ала кашчу болду. Бул жоругу үчүн өзүнө өзү жини келип, ал үчүн кызды күнөөлөп «ушул боюн көтөргөн кызды көрөйүн деген көзүм жок. Эмне келди талаага? Чөп чапкангабы? Ушул ак колдун колунан бирдеме келмек беле? Кетпейби келген жагына» дечү болду. Балдарга да жаңы келген көйрөң кызга эч кимиңер сүйлөбөгүлө. Тим эле өзүн периште сезет окшойт деп койду. Зектин сөзүн ашыра аткарган балдар да Диляга жолобос болушту. Кечинде бий болгондо да аны эч ким бийге чакырбайт. Күндүз да жумуштан Диля сүйлөп калса кагып-силкип оңдуу жооп беришпейт. Дайыма балдардын көңүл борборунда жүргөн кызга бул дароо эле сезилди. А түгүл айылда жаңы дос болуп жолугушуп жүргөн Мирлан да сыртын салып калыптыр.

Буга ал катуу ызаланды. Бир жолу жумуштан чатырга келаткан жолдо арткы топ менен кетип бараткан Мирланды чакырып калды. Мурда жакшынакай эле жүрүшкөн неме Дилянын чакыруусун укмаксанга салып кетүүгө батына албай буйдала түштү.

- Мирлан!, – кыз дагы кайталай чакырды.

- Эмне болду?

Мирлан эки жагын карап топтон бөлүнүп басып келди.

- Коркпой эле кой. Жан алгыч тикенегиңер эчак эле чатырга кеткен.

- Корккон деле жокмун. – Мирлан бош айтты.

- Корккон жокмун деп коёт. Баарыңар жанагы кичинекей желмогуздан сурап дем алып калыпсыңар го?

- Ага эмне жиниң келип атат. Тикенек жаман деле бала эмес.

- А-а сен, демек, аны жакшы да көрөсүңбү?

- Жок. Бирок башка мектептин атамандарын деле көрүп жүрөм го: байпагын жуудуруп, бутун жалатып, кышында жылаңач карга сойлотуп кылбаганды кылдырышат. Биздин Зек антпейт. «Тийбегиле» дегенине тийбесең болду, башкасы менен иши да жок.

- Анан сен ошого макул болдуңбу.

- Эмнеге?

- Тийбегилеге.

Мирлан мукактана түштү.

- Диля, сен жакшы кызсың. Мага мындай суроо бербей жүрчү. Бул жөнүндө кийин сүйлөшөбүз. Мен азыр шашып жатам, балдарга жетишип калайын. Бүгүн бир жакка бармакпыз.

- Кайда?

- Ал эркекче сөз. Болуптур анда, сен шашпай келе бер. Мен кеттим.

Диля унчукпай кала берди. «Эркекче сөз» деп коёт. «Эркек имиш» деп өзүнчө күбүрөнүп койду. Кечинде балдар оюнга кеч чыгышты. Мирлан ал кечте оюнга да, эртеси жумушка да чыкпады. Жумуш бүткөн соң кыздар кечки тамакка отуруп жатып кобурашып калышты:

- Мирланды көрдүңөрбү? Тим эле бети көрүнбөйт.

- Кечээ балдар башка мектептин балдары менен мушташканы барышыптыр. Ошол жактан энчисин ашыкча алып алган го?

- Антпей эле ал жакка Мирлан барбаптыр. Зек анын энчисин бул жактан эле берип коюп, анан ээрчитпей таштап кетишиптир.

Эртеден бери Мирланды балдардын арасынан көрө албай жүргөн Диляга иштин жайы дароо түшүнүктүү болду.

- Акмак! Зек эмес балакет болсоң да, сенден келгенди көрдүм деп ичип жаткан тамагын таштап жөнөдү.

- Диля! – Кыздар коркуп ээрчий чыгышты.

- Эй сен! – деди Диля чатырдын оозуна токтой калып. Балдар кашыктарын коё кала карап калышты. Аларда бул көйрөң кыздын чатырга мындай үрөй менен киргени бир эсе таң калтырса, анын Зекти түз карап сүйлөгөнү эки эсе таң калтырды. Көкүрөгүн көктөтүп жиберчү үнгө селт эте калган Тикенек кыздан жалтана түштү да балдардын көзүнчө токтоо болууга аракеттенип:

- Кимди айтып жатасың? – деп кайдыгер кишиче сурап койду.

- Сени айтып жатам, Тикенек. Зексиңби, Тикенексиңби, Ок жылаансыңбы, Тилексиңби, желмогузсуңбу мени ал кызыктырбайт. Сен эмне өзүңдү дүйнөгө түркүкмүн деп ойлойсуңбу?

- «Оо, Кудай!», – балдар жакаларын кармап жибербей араң калышты. «Тикенекке кыз түгүл балдар батынып түз сүйлөй алган эмес. Бул көйрөң кыздын ажалы жетелеп келген бейм», – деп катып калышты.

Тикенекке бул кыздын жиндене сүйлөгөнү да, Зек, желмогуз дегени да оор тийгени жок. Тескеринче кыздын ага өзүнүн ар бир аталышы менен кайрылып жатышы бүт боюн жагымдуу аралап өттү.

Ал ордунан туруп кызга утурлай келди да: «Эмне болду анча?» – деп жылмая карап алды. Тикенектен муну күтпөгөн Диля ыңгайсыз боло түштү. «Сен ушундай гана кыз болушуң керек эле» – деп ичтен кыздын жоругун кубаттай ыраазы болуп басып келген улан кызга тике басып келип туруп калды. Таң калган кыз анын жүзүнө үңүлө карап, көзүнө суроолуу тигилди. Тикенек кыздын суроолу көз карашына жооп кылып кайрадан жылмайды. Анын жылмайганда нурдана түшкөн көздөрүнөн көзүн ала качкан кыз жер карап: «Эмне Мирланды урасың?», – деп акырын сурады. Дал ушул акырын айтылган сөздөр Тикенектин дилине уу жебедей сайылып, эмелеки жалындаган сезимине суу сепкендей болду.

- Эмне сага арыздандыбы?!

- Арызданбаса деле кебетесинен көрүп турам, – кыз кайра чыйрала түштү, – кечээ, экөөбүздүн сүйлөшкөнүбүздү сенин куйруктарың жеткирип келди да.

- Анан сүйгөнүңдү алып кетип дарылайын дединби. Алып кет! Ээ, Мирлан. Тур, сүйгөнүң келди.

Мирлан тескери карап жаткан ордунан козголбоду.

- Эй, Мирлан! Тур, дейм!

Мирлан шашып тура калды. Эмне сүйгөнүңө кебетеңи көрсөткөндөн уялып жатасыңбы?

- Уялбайт. Эмнеге уялмак эле, Мирлан ушул кебетеси менен деле сенден жүз эсе сулуу. Сени кыз да сүйбөйт, кодо! Мирландын ордуна Диля жооп берди.

Акыркы сөздөр Тикенектин талдуу жерине тийди. Дили эңшериле таяк жеген кишидей оор онтоп жиберди.

Балдар Тикенекти таң кала карашты. Баятан берин анын жоругу кадимки Зекке, түк окшошпой турган эле. Балдардын көз карашы менен кездеше калган Тикенек арына келе калды да, кайрылып туруп Диляны жаакка чаап жиберди. Балдар да бая эле ушундай болмок эле. Эми мындан аркысын кудай сактасын деп, кээ бири бакпай балээден сырткары деп чыга башташты.

- Токтогула! – деди Тикенек. Баары турган жеринде селейип туруп-туруп калышты. – Ал эми кызга кайрылды:

- Эмне ыйлайсың? Алың ушул эле беле? Ким коргойт деп ойлодуң? Ушуларбы? (ал балдарды көрсөттү) Буларың «алгыла!» десем, азыр көкбөрү тартып кеткени турушат, же сыртта бүжүрөгөн кыздар коргойбу, же тетиякта укмаксан болгон агайларбы? Эгер мен сени кааласам, азыр ушул жерден беш мүнөттө өзүмдүкү кылып коём. Эч ким эч нерсе дей албайт. Же мынабул сулуу жигитиң коргойт дейсиңби.

Э, сулуу жигит, бери кел! – Мирлан жакын басып келди. Балдар бир шумдук баштайт деп туруп калышты. Дилянын да жаман ойдон жүрөгү шуу дей түштү.

- Эй, ак куу, Диляны сүйөсүңбү?

Мирлан унчукпады.

- Коркпой эле айта бер. Урбайм деп сөз берем. Эгер мен сөз берсем сөзсүз аткарарымы билесиң.

Мирланда үн жок.

- Эй эшек! Жок дегенде ыйлап атканды сооротуп койбойсуңбу?

Мирлан дале жооп бербеди.

- Бок жүрөк десе! Тикенек чатырдан чыгып туш келди басып кетти. Артынан батынып эч ким барбады. Диля да эсине келе өз чатырына жөнөдү.

Түн бир оокум. «Дилбар, Дилбаржаным менин, кечир мени. Мен сени чабуу түгүл, чекеңен черттиргим келген эмес. Кечир мени, периштем».

Чатырдын этегин түрүп уктап жаткан кыздын баш жагында отурган бирөө кыздын колун кармап чачын сылап, ушуларды айтып жалбарып жатты. Кыз уйку-соонун ортосунда «Дилбар» деген үндү укту. Аны ушинтип эч ким чакырчу эмес. Ата-энеси да, бир туугандары да, достору да. Бул атты класстык журналдан өз ысмын фамилиясына кошуп атаган мугалимден гана укчу. Ал дагы түз кайрылбай жөн гана атап койчу. Бул жолу аны бирөө башкача назик үн менен атап жаткан. Кыз ойгонуп кетти. Чатырдын баш жагынан кимдир-бирөө анын колун эриндерине акырын тийгизип жаткан экен.

Мирлан деп ойлоп койду Диля. Башта эле Диля дебей ушинтип айтса болмок экен. Ал өз атын ушунчалык назик атоого болоруна таң калды. Өз ысмы ага жакчу эмес. Бул жолу ага эркелете назик айтып жаткан үнгө элжирей, дагы эмне кылар экен деп уктамыш болуп жата берди. Анын үстүнө үндү да даана ажырата албай жаткан. Бирок, алиги неме бул жолу унчукпай жөн гана чачтарынан сылап жатты.

«Чын эле Мирлан экен» деп оюн бышыктады Диля. Экөө айылда жолугушуп жүргөндө. Дилянын үйүнө жакын жыйылган дөңгөчтө отуруп ушинтип чачтарынан сылашчу. Диля адегенде Мирландын тизесине башын койчу да ар нерсени сүйлөп кирчү. Мирлан кыздын чачтарынан сылап, унчукпай угуп отурчу да «эми сен» – деп орун алмашчу. Экөө эмнелерди сүйлөшчү эсинде жок, Алардын сүйүүгө деле тиешеси жок болсо керек эле, бирок экөөнө

тең ушинтип чач сылаткан жакчу. Чачтарды сылап өткөн алакандын жылуу илеби бүтүн денелерин жагымдуу аралап өткөн мүнөттөргө экөө тең арбалып, бул жолугушууну ушул мүнөттөр үчүн гана күткөндөй сезилчү.

Алиги неме Дилянын колдорун сылай келип акырын өөп койду. Диля да анын бетин сылап келип, алаканынын суу боло калганын сезди да көздөрүнө колун тийгизди. «Ыйлап жаткан экен» деди оюу, – оңбогон гана, Тикенек. Бирөөлөрдүн көз жашына гана жаралган окшойсуң. Бала кыздын колу көз жашын байкап калганын сездиби, же жөн эле өзүн кучактаткысы келдиби кыздын колун акырын алып өз ийнине койду. Диля Мирландын чачынан сылагысы келип колун көтөрүп баратып, чоочуп кетти. Колуна Мирландын жумшак тармал чачтары эмес, тикенектей катуу чачтар урунду. Шарт колун тартып алды. Бала да чатырдын этегин түшүрүп жиберип, качып жөнөдү. Диля чатырды көтөрдү да Ай жарыгында качып бараткан карааңды даана тааныды.

- Тикенек? – деди таң калып, кантип эле…?

Адашкан каркыра

(кыскача роман)

Биринчи бап
Таанышуу

Кыз орто мектепти бүтүрүү классында окуп жаткан. Сезими жаш талдай дирилдеп турган учуру. Ошондой учурда ал бирөөгө жолукту. Мектептин чоң тыныгуусунда эшикке чыгышкан эле. Жигит аны обочорокто карап турган экен. Кыз караганда көздөр кездеше түштү.

- Сиз кимсиз? – деди кыздын көзү.
- Мен ошолмун, – жигит да көзү менен жооп берди.
- Түшүндүм, – деди жооп көз караш.

Жигит ыраазы боло жылмайды. Кыз өз оюн көзү менен окутуп койгонун сезип уяла түштү да, бурулуп басып кетти. Өзүнчө калганда жанагы кездешкен көздү эстөөгө аракет кылды. Бир жерден көргөнсүйт. Жомоктон беле? Кинодон беле? Же түшүндө көрдү беле? Бирок, бир билгени бул көздөр анын көңүлүнө орноп калган жападан жалгыз, эч кимге алмаштыргыс көздүн дал өзү болуучу. Алар ошентип таанышкан эле.

Экинчи бап
Изилдөө

Кыз көз караш менен таанышкан жигитти жомоктон эмес, кинодон да эмес, түшүнөн да эмес, өңүндө кездештиргенин мойнуна алды. Мойнуна алды да изилдей баштады. Айылды териштирсең алаканына бат эле түшүп берет. Жигит таэжесинин классташы болот экен.

Классташы жөнүндө таэже көп деле маани бербей кайдыгер сүйлөп жатты.

«Ал бизге алтынчы класста келип кошулган. Эч кандай деле өзгөчөлөнчү эмес. Жакшы да, начар да окуганын эстей албайм. Эч качан кол көтөрчү эмес. Мугалим сураса, билсе – жооп берүүчү, билбесе – унчукпай кутулчу. Жаңы келгенде бир чети жаңы келгендиги, бир чети сырткы келбети кызыктыргандыктан бир топ кыз жакшы көрүп калганын билдирип жиберүүгө да үлгүрүшкөн. Бирок, ак дегенди да, көк дегенди да билбеген ал мелтейматтан акыры тажаганбыз».

Көп өтпөй эле кыз ал жигиттин жеңеси менен тамеки талаасында кошуна экенин да билип, тамеки чаап жатып, кайнилери жөнүндө апасы аркылуу акырын жылдырып койду. Ал аңгыча кетти, эки аял бир топко божурап, жигиттин жеңеси апасына үч кайнисин бирден талдап берди:

«Баары катар-катар бой жетип, кутуруп турган кези. Же күндүзү үйгө токтошпойт, же түндөсү үйгө токтошпойт. Кеңештен гана бир аз жардам болот. Унчукпаганы менен эмгекчил. Жумшаган жагына жок дебейт. Шамшы (күйөөсүн айтып жатат) жумуштан бошобогондуктан, тамекини да ага сугарттым. Чабышканга да жардам бер дейин дедим эле, бирок, батынбадым. Көп сүйлөбөгөн немеге киши батынбайт дагы экен», – деген жеңе кыздын апасына арызданып алды.

Ушундай эле изилдөөнү кыз эле эмес, жигит да жүргүзүп жатканын кыз курбусунан билди.

- Билесиңби, ылдыйкы көчөдөгү Кеңеш сени жактырып калса керек, – деди курбусу бир күнү.

- Эмне дейт?

- «Айжандын курбусу болосуңбу?» дейт, «Ооба» десем, «кандай кыз?» дейт. «Жакшы» десем, «билем» дейт. Билсең, эмне сурайсың десем, «билбейм» дейт. Кызык неме экен. «Билем», «билбейм» дегенден башка сөз билбейт окшойт аның.

«Аның» деген сөз кызга жага түштү. Курбусу ал жигитти өзүнө энчилей сүйлөгөнүнө ичи элжирей жылмайып алды.

- Эмне күлөсүң?

- Жөн эле. Анын эмнесине сүйлөбөйт деп ачууланып жатасың. Баардыгы эле сүйлөш үчүн жаралса, уга турган да киши керек го, акыры.

Үчүнчү бап
Жолугушуу мүнөттөрү

Бир күнү кыздын иниси ооруп калып, кыз тамеки талаасын сугарганга өзү жөнөдү. Жигит да тамеки сугарганы барып, а түгүл сугарып бүтүп калыптыр. Кыз алышты көргүчө, алыштын жанында турган жигит унчукпай суунун башын ачып, кыздын тамеки талаасына бура баштады. Кыз унчукпай туруп калды. Жигит да унчукпай өз талаасын сугарып жаткандай жайбаракат арыктын нугун түздөп суу жая берди. Кыз кошо аралашуудан тартынып, сугарып бүткөн соң, рахмат айтармын дегендей тура берди. Бирок, жигит жумушун талаанын аркы башынан бүттү да, кызды бир карап, жылмайып коюп, андан ары унчукпай узап кете берди. Кыз жигиттин бул жоругуна капаланган жок. Мындай жолугушуу ага негедир жакты.

Алар кийин да ошентип жолугуп жүрүштү. Кыз тамеки талаасына барып, жигит эки талааны тең сугарып бүткүчө карап турат да унчукпай тарап кете беришет. Ойдогудай сугарылган талаа үчүн кызды үйүндө алкай башташты. Кызга бул алкоо жагат. Өзүн макташканы үчүн эмес, бул мактоо анын жигит менен жолугушууга кайрадан баруучу жолдомо болгондугу үчүн үйдөгүлөрдүн өзүн алкап жатканына ыраазы.

Төртүнчү бап
Күтүү

Кыз окуусун бүтүп шаарга чоң окуу жайына тапшырды. Жаштыктын романтикалуу күндөрү жигитти бат эле унуткарды. Кээде гана эстей калып, жылмайып койбосо, бул жөнүндө эч кимге айтуучу эмес. Айта турган окуя деле болбосо, эмнени айтмак элем дечү өзүнчө. Ошентип биринчи курсту бүтүп каникулда үйүнө келди. Жигиттин үйүнүн жанынан өтө берерде бир эстеп алды да, үй жакты карады. Жигит эшиктин алдында турган экен. Кызды көрүп, баягыдай жылмайды. Көзүнүн тереңинде көп сөздөр бар эле. «Каякта жүрдүң? Мынча неге күттүрдүң? Мени унуткан жоксуңбу? Мен баягыдай эле сени күтүп жүрөм» деген

өңдүү көп сөздөрдү сүйлөп жатты көздөр. Кыз жигитти такыр эсинен чыгарып койгонун ойлоп, уялып кетти да тетири бурулуп, бат-бат басып узай берди.

Эки-үч күн өтпөй алар кайрадан кездешти. «Бая күнү неге тетири бурулуп кеттиң? Таарындыңбы?» деди жигиттин көздөрү. «Жок, эмнеге таарынмак элем. Баары жайында» деди жооп көз караш. «Менде да баары жайында. Сенин кайда экениңди билем. Окууңду бүткөндө кездешербиз. Сен мени унутпай жүр, ээ? Мен сени, күтөм» деген көз караш кызды узатып кала берди.

Бешинчи бап
Сүйүүсүн билдирүү

Адаттагы жайкы каникул. Айжан суу алганы келип, аркы өйүздө классташтары менен эс алып жүргөн жигитти көрдү. Адаттагыдай көздөрү менен учурашып коюшту. Кызык жери кыздын иниси менен бир жүргөн экен. Кечинде келгенде кыз инисин суракка ала баштады.

- Каякта жүрдүң?

- 66лардын (1966-жылы төрөлгөндөр) 10 жылдыгында (мектепти бүткөнүнүн 10 жылдыгында) айдап кел, байлап кел болуп чапкылап жүрдүм.

- Кечке эле чапкылап жүрдүңбү?

- Жок, көбүнчө Кеңеш менен сүйлөшүп отурдум.

- Ошондой досуң бар беле?

- Жок, бүгүн тааныштык.

- Теңтушуңдай сүйлөйсүң да. Сенсирегениң үчүн токмок жеп калган жоксуңбу?

- Сиз деп сүйлөгөндө жүдөп кетем, братан. Эгер капа болбосоң, сен деп сүйлөшөлү десем, макул болду.

- Эмнени сүйлөштүңөр.

- Мени билесиң, китеп дегенде баарын унутам. Ал дагы китепти көп окуйт экен. Анан табышып кеттик.

- Адатыңча адабий талкуу уюштуруп жибердиң.

- Албетте, жакшы келатып эле айнып кетсе боло. Эң жакшы көргөн чыгармасы Айтматовдун «Кызыл алмасы» экен. Реалдуу чыгарма дейт. Өзү жазгандай болот имиш.

- Сен эмне дединг?

- Алжыдың, братан, дедим. Эң реалдуу эмес, эң романтикалуу чыгарма. Темирдей келесоолор турмушта болбойт дедим. Анткен менен ага боорум ооруду. Мындай адамдар көп жашай алышпайт. Адам болгондон кийин адамдай эле жашаш керек да, адамдай жаңырып, адамдай жаңылып.

- Андан ары өтө эле акылдуусунуп кеттиң го, философум.

- Философту мага суутуп коюптурбу. Андан көрө алиги философуңду кой десең болбойбу.

- Эмне үчүн мен кой дешим керек.

- Ал сени сүйөт, ошол үчүн.

- Аны сага айттыбы?

- Аны мага эмес, сага да айтпайт. Андан көрө өлүп кетет. Сен деле сопусуна бербечи, баятан бери мени бекер суракка алып жатыптырсыңбы, бечара Мажнундун бейтааныш сулуусу.

Алтынчы бап
Ажыроо

Каникул бүтүп кыз шаарга кетти. Андан ары көңүлү табышкан адамга турмушка чыгып, никеден жолдуу экен, бала-чакасы менен бактылуу жашап жаткан. Бир күнү айылдан сиңдиси келиптир. Экөө түн ортосуна чейин сүйлөшүп, айылдагы жаңылыктар менен бөлүшүп жатышты. Бир кезде Айжан сиңдисинен акырын сурады.

- Сен Кеңеш дегенди билесиңби? Аалынын баласы. Ошол үйлөнгөнбү?

- Сиз ылдыйкы көчөдөгү унчукпаган Кеңешти айтып жатасызбы? Ал өлгөн да?

- Эмне дейсиң?

- Таанычу белеңиз?

- Сыртынан таанычу элем. Эмне болуптур?

- Эмне болмок эле, тоңуп өлүптүр. Өкүртө ичип алып үшүгөнүн да сезбей калса керек.

- Ошончо иччү беле?

- Ким билет. Ичип алып мушташпаса, жакындан күйөр үй-бүлөсү болбосо, эч кимге пайда-зыяны жок жүрө берсе, анын канчалык деңгээлде ичип кеткени менен кимдин иши болду дейсиз. Бомжго окшоп тоңуп өлгөнүнө караганда таптакыр эле бөтөлкөнүн түбүнө түшүп кетсе керек.

Айжан андан ары чыдай албады. Эшикке атып чыкты. Кулагына эмеле уккан сөздөрү чуулдап жатты. Көкүрөгүнүн тереңинде аздектеп сактап жүрчү эң таза, эң тунук, тун махабаты жөнүндө тирүү суук сөздөрдү кантип чыдап укканына таң калды.

Жетинчи бап
Түш

Айжан түш көрдү. Баягыл тамеки талаасы. Жигит талаада кетип барат. Бир убакта бурулуп карады. Көздөр кездеше түштү. Бул көздөрдү кайдан көрдүм эле дейт Айжан бүшүркөй түшүп. Кайдан көргөнүн эми туйду. Театрдан көрүптүр. Арсен Өмүралиев атындагы шаардык театрдан «Каркыранын канаты» деген спектаклди көргөн. Ошондогу каркыраны аткарган жигиттин көздөрү да дал ушундай эле. Аңгыча эмеле тамеки талаасында бараткан жигит каркырага айланат да учуп кетет. Айжан ойгонуп кетти. «Эх, менин адашып жаралган каркырам, – деди ал, – эмнеге бул дүйнөгө жаралдың экен?» Көзүнөн аккан жаш жаагы ылдый тамып жатты. Тып-тып…

Мазмуну

Өмүрлүккө өкүм.....3

Кокустук 19

Кичинекей үйдөгү чоң бакыт.....39

Сапарлаш... 45

Тикенек гүлү.....52

Адашкан каркыра.....61

Чыгармалар жыйнагы Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик интеллектуалдык менчик
кызматынын мүдүрү
Калмаматов Ажыбай Айтиевичтин
жалпы редакциясы астында чыгарылды

Редакторлору: *М. А. Ааматов, Самат Асантур уулу*
Компьютердик калыпка салган: *З. Т. Козубаева*
Мукабадагы сүрөттүн автору: *Ж. Жаналиев*

Терүүгө 2010-жылдын 26-февралында берилди.
Басууга 2011-жылдын 11-апрелинде кол коюлду.
Форматы А5, № 1 офсеттик кагазы. Көлөмү 5,6 б.т.
Нускасы 200 даана. Заказ № 440

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик
интеллектуалдык менчик кызматынын
полиграфия бөлүмүндө басылды
Бишкек ш., Москва көч., 62

Абазова Айзада Суйналиевна

1973-жылы Ош областынын Токтогул районунда туулган.

1990-жылы Торкен орто мектебин күмүш медаль менен бүтүргөн.

1992-1998-жылдары Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы жана журналистикасы факультетин бүтүргөн.

2003-жылы «Агым» гезитинде кабарчы.

2004-жылы «Учкун» гезитинде маданият бөлүмүнүн башчысы.

2005-жылы «Замандаш» журналынын саясат бөлүмүнүн башчысы.

2006-жылдан ушул убакка чейин «Кыргыз руху» гезитинин башкы редактору.